**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА**

**ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# ГЕОГРАФИЯ

**ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕПТЕРИ ҮЧҮН**

**ПРОГРАММА**

**VI - IX КЛАССТАР**

Бишкек-2018

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА**

**ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# ГЕОГРАФИЯ

## ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕПТЕРИ ҮЧҮН

## ПРОГРАММА

## VI - IX КЛАССТАР

Программа Кыргыз билим берүү академиясынын социалдык-гуманитардык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясында Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин предметтик стандартынын (6-9-класстар) негизинде иштелип чыкты

Кыргыз билим берүү академиясынын окумуштуулар кеңеши тарабынан жактырылып, бекитилди. (токтом №8, 25-сентябрь, 2017-ж)

Бишкек-2018

***Түзгөндөр:*** *Жунушалиева К.К.* – КББАсы, социалдык-гуманитардык билим берүү тармагынын маселелери лабораториясынын жетектөөчү илимий кызматкери п.и.к., доцент., *Шыгаева Ч.У.*- Тоо-кен институтунун алдындагы колледждин окутуучусу, Кулматов Т.Н.- Ж.Баласагын атындагы КУУнун физикалык география кафедрасынын доценти, г.и.к., Кадыркулов М.К. – Ж.Баласагын атындагы КУУнун физикалык география кафедрасынын профессору, г.и.к., Токторова Р.А. - Ж.Баласагын атындагы КУУнун география, экология жана туризм факультетинин деканы, доцент, г.и.к

***Рецензенттер:***

И.Арабаев атындагы КМУнун доценти, география илимдеринин кандидаты, география, экология жана туризм факультетинин орун басары Акматов Руслан Тынымсейитович.

И.Арабаев атындагы КМУнун доценти, география илимдеринин кандидаты, география жана аны окутуунун технологиясы кафедрасынын башчысы Солпуева Дамира Токтосуновна

Мырзаева Р. – Бишкек шаарынын Т.Сатылганов атындагы №69 мектеп-гимназиясынын директорунун орун басары, география мугалими.

**МАЗМУНУ**


1. Түшүндүрмө кат
2. Методикалык сунуштар
3. Тематикалык пландаштыруу
4. Программанын мазмуну
5. Географияны окутуудагы күтүлүүчү натыйжалар
6. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо
7. Сунушталуучу адабияттар

## Түшүндүрмө кат

География предмети боюнча сунушталып жаткан окуу программасы “Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн Мамалекеттик стандартын бекитүү жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтомуна ылайык иштелип чыккан Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 6-9- класстардын “География” предметинин Предметтик стандартынын негизинде түзүлдү.

Билим берүүнүн Мамлекеттик стандарты билим берүүгө компетенциялык мамиленин негизинде түзүлүп, билим берүү системасынан учурдун талабына ылайык окуучуларга мектепте алган теориялык билимдерин жашоодо, практикада колодно алуусуна багыттап окутууну талап коет. Демек, мектептеги жана жогорку окуу жайларындагы билим берүү системасы (максаты, мазмуну, уюштуруунун формалары, каражаты, натыйжасы) натыйжалуулукка багытталып, билим берүүнүн сапатын Эл аралык стандартка шайкеш келтирүү зарылдыгы келип чыгат.

Географиялык билим берүүнүн предметтик стандартына ылайык география предметин окутуунун максаты төмөндөгүдөй аныкталган: “Окуучулардын дүйнөнүн географиялык сүрөттөлүшүн, ой жүгүртүүсүн, анын усулдарын жана географиялык тил менен сүйлөөгө ээ болусун камтыган географиялык маданияттын негизинде алардын географиялык компетенцияларын калыптандыруу”. Бул максатта белгиленген “Географиялык маданият”, “Дүйнөнүн географиялык сүрөттөлүшү”, “Географиялык ой-жүгүртүү” түшүнүктөрү төмөндөгүдөй берилген:

“Географиялык маданият – дүйнөнүн географиялык сүрөттөлүшүн, географиялык ой жүгүртүүнү, географиянын методдору менен тилин өзүнө камтыган жалпы адамзаттык маданияттын бөлүгү”.

“Дүйнөнүн географиялык сүрөттөлүшү – заманбап география тармагындагы изилдөө жана практикалык иштердин жүрүшүндө алынган жана текшерилген илимий билимдер менен негизделген географиялык маданияттын элементи, ал адам баласынын табият жана коом тууралуу түшүнүктөрүн, аларга болгон мамилесин чагылдырат”.

“Географиялык ой жүгүртүү – географиялык чындыктын өсүп-өнүгүүсүн өз ара аракетте жана өз ара байланышта чагылдырып караган ой жүгүртүү”.

## МЕТОДИКАЛЫК СУНУШТАР

Окутуунун максатына ылайык мектепте географиялык билим берүү төмөндөгүдөй окуу – методикалык милдеттерди чечет:

**Когнитивдик –** окуучу географиялык мыйзам ченемдүүлүктөрдүн удаалаштыгын, географиялык кабыктардын бир бүтүндүүлүгүн түшүндүрөт. Курчап турган чөйрөгө адамдардын иш – аракеттеринин таасирин баалайт, анализдейт.

**Жүрүш – туруштук –** окуучулар географиялык изилдөөлөрдүн ыкмаларын, география предметинен алган билимдерин курчап турган чөйрөгө мамиле кылуунун практикалык ишмердүүлүктөрүндө пайдаланат.

**Баалуулук -** окуучу өзүнүн жеринин жана бүткүл жер шарындагы жаратылыш компоненттеринин абалын баалайт жана аларга туруктуу өнүгүүнүн принцибинин багытындагы көз караштa болот.

Географиялык билим берүүнүн негизги ядросу географиялык мыйзам ченемдүүлүктөрдүн удаалаштыгы, географиялык кабыктардын бир бүтүндүүлүгү, жаратылыштын системалык жана деңгээлдик түзүлүшү, кеңдик зоналдуулук жана бийиктик алкактуулук боюнча климаттын, жаратылыштын өзгөрүшү, алардын көп түрдүүлүгү, жаратылыштын жана коомдун өнүгүшү үчүн туруктуу өнүгүүнү түшүнүүнү камсыз кылган геоэкологиялык сабаттуулук болуп саналат. Окуу предметинин жогорудагы көрсөтүлгөн фундаменталдык ядросу география предметинин төмөндөгү ***мазмундук багытында такталган***:

1. Г*еографиялык изилдөөлөрдүн методдору жана географиялык маалыматтардын булактары* – чындыктын маалыматтуу элестүү белгилеринин үлгүсү катарында карталарды жана башка булактарды пайдалануу менен географиялык чындыктарды окуп – үйрөнүүнүн жолдору;

2. *Жердин жаратылышы* – Жердин жаратылышы жана анын айрым аймактары жөнүндөгү географиялык билимдердин системасы;

3. *Жаратылыш ресурстары* – минералдык, климаттык, суу, жер жана биологиялык ресурстар – материктердин, өлкөнүн, аймактардын чарбасынын (экономикасынын) өнүгүшүнүн базасы катарында;

*4. Учурдагы дүйнөнүн экологиялык – экономикалык жана социалдык өнүгүшү* – бул курчап турган чөйрөнү коргоонун, жаратылыштын туруктуу өнүгүшүнүн фундаменталдуу негизи болуп саналган адамдардын жашоо чөйрөсүнүн, жашоосунун кайра толукталуу шарттары менен ажырагыс байланыштагы адам цивилизациясынын өнүгүшү.

Бул мазмундук тилкелер бардык окуу материалдарын жалпылаштыруунун, технологиялык ыкмалар аркылуу предметтик компетенцияны калыптандыруунун айланасында системалаштырган жалпы теориялык билимдер болуп саналат. Жогорудагы белгиленген мазмундук тилкелер аркылуу окуучулардын төмөндөгүдөй **предметтик компетенттүүлүктөрүн** калыптандыруу каралган:

- *географиялык документтерди (карталар, диаграммалар, сүрөттөлүштөр, илимий тексттер) талдоо жана интерпретациялоо;*
- *географиялык объектилердин комплекстүү мүнөздөмөсүн берүү жана мейкиндик менен мезгилде багыт алуу;*
- *географиялык процесстер менен кубулуштарды түшүндүрүү.*

*«Географиялык документтерди талдоо жана интерпретациялоо» компетенттүүлүгү - ишмердиктин ар кыл түрлөрүн географиялык маалыматтын айрым булактары (картографиялык, статистикалык, тексттик, ММК, интернет) менен бириктирет:*

- маалыматты өз алдынча издөө, талдоо, тандап алуу, кайра өзгөртүү жүргүзүүнү, сактоону, берүүнү, техникалык каражаттар жана маалыматтык технологиялардын жардамы менен презентациялоону билүү;
- картаны, географиялык, статистикалык маалыматтарды колдонуп, тиешелүү эсептөөлөрдү жүргүзүү жана эсептөөлөрдүн жыйынтыктарын чагылдырган диаграммалар менен таблицаларды түзүү; курчап турган чөйрөнү изилдеп-үйрөнүү үчүн географиялык куралдарды колдонуу; географиялык маалыматты оозеки жана жазуу түрүндө берүү.

*«Географиялык процесстер менен кубулуштарды түшүндүрүү» компетенттүүлүгү төмөнкүлөрдү камтыйт:*

– Жерде болуп жаткан процесстер менен кубулуштарды талдоо жана талдоонун жыйынтыктарын жалпылаштыруу;
– заманбап геоэкологиялык көйгөйлөрдү болжолдоо жана баалоо;
– курчап турган чөйрөнү коргоонун маанисин жана турмуштук зарылдыгын түшүндүрүү.

*«Географиялык объектилердин комплекстүү мүнөздөмөсүн берүү жана мейкиндикте багыт алуу» компетенттүүлүгү төмөнкүлөрдү талап кылат:*

– алгоритмдештирүүнү географиялык объектилердин, процесстер менен кубулуштардын, логикалык схемалардын, структуралык моделдердин мүнөздөмөсүнүн планы катары пайдалануу;
– окуучулардын маалыматты кайра туюндуруп берүүсү, нускамаларды туура сактоо, объектилер менен кубулуштарды аныктап таануу;
– картадан географиялык объектилердин жайгашкан ордун көрсөтүү ж.б.
– географиялык түшүнүктөрдү, аныктамаларды пайдалануу менен оюн айтуу.

Мектепте географияны окутуунун негизги шарттарынын бири бул-окуучуга ыңгайлуу жана жагымдуу маанай окуу чөйрөсүн түзүү болуп эсептелет. Ал шарттардын негизги компоненттери болуп төмөндөгүлөр эсептелет:

- ✓ мугалим окуу процессин педагогикалык-психологиялык тараптан туура пландаштыруу;
- ✓ окуучу окуй турган окуу материалдарын аңдоосу б.а. эмне үчүн окуйм? кантип окуйм? алган теориялык билимдерди кайда колдоном? сыяктуу суроолорго сабактын башында жана аягында жооп берүүсү;
- ✓ мугалим тараптан география боюнча окуу материалынын мазмундук тилкесиндеги түйүндүү жана предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу аркылуу географияны окутуунун натыйжалуулугуна көңүл бурууну күчөтүү;
- ✓ географиялык мыйзам ченемдүүлүктөрдүн удаалаштыгына, географиялык маалыматтардын булактары жана алар менен иштөөгө үйрөнүүгө, географиялык маданиятка, «жаратылыш – адам – чарба – курчап турган чөйрө» бирдиктүү системасын камтыган географиялык чындыкка көнүл бурууну күчөтүү;
- ✓ окуучуларда жаратылыштын кубулуштарын өз алдынча таануу үчүн, ошондой эле чыгармачылык шыктарын жана компетенттүүлүктөрүн өнүктүргөн байкоо жүргүзүүлөрдү, практикалык иштерди жана экскурсияларды кеңейтүү;
- ✓ өзүнүн жеринин географиясын окууга көңүл бурууну күчөтүү.

Географиялык компетенцияларды калыптандыруунун дагы бирден – бир шарттары – географиялык маалыматтардын ар кандай булактары: географиялык карта, окуу китептери жана окуу – методикалык куралдар, маалыматтын электрондук алып жүрүүчүлөрү ж.б. менен бир бүтүн организмдей иштөө болуп саналат. Географиялык карта –мектепте географияны окутууда жана окуп – үйрөнүүдө негизги жана абдан көп пайдаланган көрсөтмө курал. Окуучу картаны окуганга, аны түшүнүүгө мугалим үйрөтүшү керек. Географиялык карта географияны окутууда төмөндөгүдөй кызмат аткарат:

- ✓ аймактын же окуп – үйрөнүүчү объекттин кайсы мейкиндикте жайгашканын, бул мейкиндиктеги анын ордун жана маанисин түшүнүү үчүн;
- ✓ аймактын өзгөчөлүгүн калыптандырган башкы объектилерди жана кубулуштарды ачуу үчүн;
- ✓ аймактын ичиндеги жана сыртындагы кубулуштардын ортосундагы өз ара байланыштарды, ошондой эле аймактын дүйнөдөгү ордун аныктоо үчүн.

Демек, картографиялык методдорду төмөндөгүдөй географиялык изилдөөлөрдө колдонуу керек:

- ✓ карта боюнча өндүрүштүн жайгашуусунун жаратылыш шарттарга жана ресурстарга көз карандылыгын, энергетикалык жана эмгек ресурстарынын, даяр продукцияларды керектөөчүлөрдүн болушун, аймактагы инфраструктураны уюштурууну ачып көрсөтүү үчүн;
- ✓ аймактын экологиялык шарттарын жаратылыштык жана социалдык – экономикалык факторлорду эске алуу менен баалоо үчүн;
- ✓ конкреттүү райондордогу өнөр жай ишканаларынын ишмердүүлүгүнүн экологиялык коопсуздугун аныктоо үчүн;
- ✓ өзүнүн аймагынын ландшафтындагы антропогендик таасирлердин даражасын окуп – үйрөнүү үчүн;
- ✓ дүйнөнүн калкынын санынын динамикасын жана анын диндик курамын изилдөө үчүн;
- ✓ өлкөлөрдүн ортосундагы экономикалык байланыштарды изилдөө үчүн.

Маалыматтардын ар кандай булактары (окуу китеби, географиялык карта, статистикалык маалыматтар ж.б) менен иштөөдө мугалимдердин окуучулардын практикалык ишмердүүлүктөрүнө, б.а., географиялык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу үчүн окуучулардын теоретикалык билимдерин практикалык иштер менен систематикалык айкалыштырууга көңүл буруулары керек. Бир эле сабакта бир нече практикалык иштер аткарылышы мүмкүн. (5 – 7 минуттан 15 – 20 минутка чейин) жана ар бир сабакта төмөнкүдөй окуу милдеттери иш жүзүнө ашырылышы керек:

● өз ара аракеттенүү жагдайын түзүү (окутуунун интерактивдүү режими);

● маалыматтардын ар кандай булактары менен таанып – билүү ишмердүүлүктөрүн уюштуруу (курчап турган чындык, окуу китеби, географиялык карта, статистикалык – экономикалык маалыматтар ж.б.);

●окуу көйгөйлөрүн жана милдеттерди чечүүдө жардам берүү.

Географиянын бардык бөлүмдөрүн окуу процессиндеги окутуунун практикалык ыкмаларын иш жүзүнө ашыруунун бирден – бир жолу – ар түрдүү схема – таблицаларды, символдорду, диаграммаларды, сүрөттөрдү максаттуу пайдалануу болуп саналат. Мында мугалим төмөндөгүлөрдү эске алуусу зарыл:

- окуу процессинде окуучулардын мотивациясынын өнүгүшү окуучунун өзү тарабынан болушу керек;
- ар түрдүү булактардан билим алуу, тиешелүү окуу чөйрөсүн түзүү;
- окутуунун интерактивдүү методдорун пайдалануу жолу менен окуу процессин уюштуруу.

Окуу оюндарын, проблемалуу сабактарды, дискуссияларды, конференцияларды уюштуруу окуучулардын сабактан тышкаркы ишмердүүлүктөрү (долбоорлор, экскурсиялар, музей ишмердүүлүктөрү, географиялык чөйрөдөгү байкоолор жана практикалык иштер, факультативдер, ийримдер, олимпиадалар жана окуучулук илимий коомчулуктар) менен шайкеш келиши керек.

Программанын түзүмүндөгү негизги бөлүмдөрдүн бири бул-географиялык билим берүүнүн күтүлүүчү натыйжалары. Күтүлүүчү натыйжалар – бул предметтик компетенттүүлүктүн калыптанышы же, география боюнча окуу процессинин белгилүү этабында окуучулардын билимдерининин жетишкендиктеринин жыйындысы. Күтүлүүчү натыйжалдардын калыптануу деңгээлин аныктоо үчүн баалоо процесси жүрөт. *Баалоо* – билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында алынган билимдердин даражасына ылайык аныктоо үчүн окуучулардын географияны когнитивдүү (таанып – билүү),

эффективдүү (эмоционалдык – баалуулук) жана жүрүш – туруштук ишмердүүлүктөрүнө байкоо жүргүзүүнүн системалуу процесси.

Программада окуучулардын жетишкендиктеринин натыйжасы программанын мазмундук бөлүгүнөн кийин берилди. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо өлчөөчү каражаттардын (тапшырмалар, суроолор, тесттер) жардамы менен критерийлердин жана индикаторлордун негизинде баалоо каралган.Окуучулардын предметтик компетенттүүлүктөрүнүн калыптануу деңгээлдерин аныктоодо баалоонун формативдик (калыптандыруучу), диагностук, суммативдик түрлөрүн максаттуу айкалыштырып пайдалануу сунушталат.

География боюнча стандарттын талаптарын иш жүзүнө ашыруу география кабинетинин атайын жабдылган шарттарында жүзөгө ашырылат жана керектүү окуу куралдары менен жана окуу - көрсөтмө куралдары менен камсыз болот (карталардын тизмеси, куралдар, атластар ж.б.).

Мектепте географияны окутууда окутуунун ар кандай каражаттары, биринчи кезекте карталар (стол үстүндөгү жана дубалдык), атластар, глобустар, рельефтин карталары (моделдер), блок – диаграммалар, жара кесилиштер, ар түрдүү таблицалар жана таратуучу материалдар, электрондук окуу куралдары колдонулат.

Мектепте географиялык билим берүүнүн максатына ылайык Негизги мектепте (6-9 класс) географиялык билим берүүгө жалпы 238 саат каралып, төмөндөгүдөй түзүмдө окутулушу каралган:

6- класс – География – жумасына 2 саат, жылына 68 саат;

7 -класс – Материктердин жана океандардын географиясы –жумасына 2 саат, жылына 68 саат;

8 -класс –Кыргыз Республикасынын физикалык географиясы, жумасына 2 саат, жылына 68 саат ;

9 -класс – Кыргыз Республикасынын экономикалык, социалдык жана саясий географиясы, жумасына 1 саат, жылына 34саат)

Программадагы каралган жалпы 238 сааттын (6-9- класстар боюнча) 77 сааты практикалык иштер каралып, 6-класста –20, 7-класста –25, 8 -класста – 23, 9 -класста – 9 төмөндөгүдөй тематикалык бөлүмдөргө бөлүндү (таблица “Тематикалык пландаштыруу”).

**Тематикалык пландаштыруу**

**VI КЛАСС**

**ГЕОГРАФИЯ**

**(68 с., жумасына 2 с., анын ичинен 20 саат практикалык иштер)**

| № | **Бөлүмдөр жана темалар** | **саат** | **Прак. иш (саат)** |
|---|---|---|---|
| | **Киришүү** | | |
| 1 | География эмнени окутат? | **1** | - |
| 2 | Жер жөнүндөгү байыркы элестөөлөр. | **1** | |
| 3 | Дүйнөдө география илиминин өнүгүшү | **1** | |
| | **Практикалык иш №1** | | 1 |
| | **I Бөлүм. Географиялык маалыматтын булактары жана алар менен иштөөнүн ыкмалары.** | | |
| 4 | Горизонт жана анын багыттарын аныктоо (ориентирлөө) | 1 | |
| 5 | Топографиялык карта | 1 | |
| 6 | Географиялык жана топографиялык карталардын масштабы | 1 | |
| | **Практикалык иш №2** | | 1 |
| 7 | Географиялык карта жана глобус | 1 | |
| 8 | Салыштырма жана абсолюттук бийиктик. Горизонталдар | 1 | |
| 9 | Жер бетинин карталарда сүрөттөлүшү | 1 | |
| 10 | Табият кубулуштарына, процесстерине байкоо жүргүзүүнүн түрлөрү | 1 | |
| 11 | География илиминин изилдөө методдору | 1 | |
| 12 | Географиялык карталардын турмуштагы мааниси | 1 | |
| | **Практикалык иш №3** | | 1 |
| | | | |
| | **II Бөлүм. Жердин табияты жана кабыктары** | | |
| 13 | Жер күн системасындагы планеталардын бири | 1 | |
| 14 | Жердин ички түзүлүшү жана кабыктары | 1 | |
| 15 | Литосфера. Литосферанын түзүлүшү | 1 | |
| 16 | Литосферада болуучу табигый процесстер | 1 | |
| 17 | Жанар тоолор (вулкан). Гейзерлер | 1 | |
| 18 | Жер бетиндеги рельефтин негизги формалары | 1 | |
| 19 | Тоолор жана түздүктөр | 1 | |
| | **Практикалык иш №4,5,6** | | 3 |
| 20 | Гидросфера жана жер шарында суунун айланышы | 1 | |
| 21 | Дүйнөлүк океан | 1 | |
| 22 | Океандагы деңиздер, булуңдар, кысыктар жана андагы толкундар, кыймылдар | 1 | |
| 23 | Океандагы кургактыктар | 1 | |
| 24 | Кургактыктагы суулар | 1 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 25 | Көлдөр | 1 | |
| 26 | Мөңгүлөр жана көп жылдык тоңдор | 1 | |
| | **Практикалык иш №7,8** | | 2 |
| 27 | Атмосфера. Атмосферанын түзүлүшү | 1 | |
| 28 | Абанын температурасы. Атмосфералык басым | 1 | |
| 29 | Шамал | 1 | |
| 30 | Абадагы суу буулары. Булуттар. Жаан-чачындар | 1 | |
| 31 | Жердин аба ырайы, климаты жана анын калыптанышы | 1 | |
| 32 | Климаттын өзгөрүшү жана адамдын климатка тийгизген таасири | 1 | |
| 33 | Борбордук Азиядагы климаттын өзгөрүшү боюнча божомолдоолор | 1 | |
| 34 | Климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартуу | 1 | |
| | **Практикалык иш №9,10** | | 2 |
| 35 | Биосфера. Жердеги жашоонун пайда болушу | 1 | |
| 36 | Өсүмдүктөр менен жаныбарлардын жер шары боюнча таралышы | 1 | |
| 37 | Биосферадагы заттардын айлануусу | 1 | |
| 38 | Адамзаттын биосферага тийгизген таасири | 1 | |
| 39 | Географиялык кабык. Географиялык кабыктын курамы жана алардын ортосундагы байланыштар | 1 | |
| 40 | Географиялык кабыктын географиялык зоналдуулук мыйзамы | 1 | |
| 41 | Географиялык бийиктик алкактуулук | 1 | |
| | **Практикалык иш № 11, 12** | | 2 |
| 42 | Табигый кырсыктар жана келип чыгуу себептери | 1 | |
| 43 | Табигый кырсыктардын мүнөздүү белгилери | 1 | |
| 44 | Кыргыз Республикасындагы табигый кырсыктар | 1 | |
| 45 | Табигый кырсыктар болгондо өзүн-өзү алып жүрүүнүн эрежелери | 1 | |
| | **Практикалык иш 13, 14, 15** | | 3 |
| | **III Бөлүм. Өз жериңдин географиясы** | | |
| 46 | Өз жериңдин географиялык абалы | 1 | |
| 47 | Өз жериңдин табияты: рельефи, климаты, агын суулары, жаныбарлары, өсүмдүктөрү | 1 | |
| | **Практикалык иш №16** | | 1 |
| 48 | Өз жериңдин табиятына адамдын тийгизген таасири | 1 | |
| | **Практикалык иш №17, 18, 19, 20** | | 4 |
| | **Жалпы** | **48** | **20** |

**VII КЛАСС**

**МАТЕРИКТЕРДИН ЖАНА ОКЕАНДАРДЫН ГЕОГРАФИЯСЫ**

**(68с. жумасына 2с., анын ичинен 25 саат практикалык иштер)**

| № | Бөлүмдөр, темалар | Саат | Прак. Иш (саат) |
|---|---|---|---|
| | **Киришүү** | | |
| 1 | Материктердин жана океандардын географиясы эмнени үйрөтөт | 1 | |
| 2 | Материктердин жана океандардын географиясын окуп – үйрөнүүгө пайдаланылуучу маалыматтардын булактары. Материктердин жана океандардын карталары. | 1 | |
| | **I Бөлүм. Жердин жаратылышынын өзгөчөлүктөрү** | | |
| 3 | Жердин пайда болушу жана жаратылыш шарттарынын калыптанышы. Литосфера жана анын Жердин өнүгүү тарыхы менен байланыштуулугу | 2 | 1 |
| | **Практикалык иш №1** | | |
| 4 | Атмосфера жана Жердин климаты | 1 | 1 |
| | **Практикалык иш №2** | | |
| 5 | Дүйнөлүк океан | 1 | 1 |
| | **Практикалык иш №3** | | |
| 6 | Материктер жана океандардын жаратылышынын ар түрдүүлүгү. Жаратылыш комплекси. | 1 | 1 |
| | **Практикалык иш №4** | | |
| 7 | Географиялык зоналдуулук. Бийиктик алкактуулук | 1 | 1 |
| | **Практикалык иш №5** | | |
| 8 | Жердин жаратылышынын учурдагы глобалдык проблемалары | 1 | 1 |
| | **Практикалык иш №6** | | |
| | **II Бөлүм. Материктердин географиясы** | | |
| | **Африка** | | |
| 9 | Географиялык абалы жана изилдөө тарыхы. Жаратылышы: рельефи, климаты, суулары, жаратылыш ресурстары. | 1 | 1 |
| | **Практикалык иш №7** | | |
| 10 | Жаратылыш зоналары (топурагы, өсүмдүгү, жаныбарлар дүйнөсү) | 2 | 1 |
| | **Практикалык иш №8** | | |
| 11 | Калкы жана саясий картасы. Адамдардын материктин жаратылышына тийгизген таасири. | 1 | 2 |
| | **Практикалык иш №9, 10** | | |
| | **Австралия жана океания** | | |
| 12 | Географиялык абалы жана изилдөө тарыхы. Жаратылышы: рельефи, климаты, суулары, жаратылыш ресусртары. | 1 | |
| 13 | Жаратылыш зоналары (топурагы, өсүмдүгү, жаныбарлар дүйнөсү) | 1 | 1 |
| | **Практикалык иш №11** | | |
| 14 | Калкы жана саясий картасы. Адамдардын материктин жаратылышына тийгизген таасири. | 1 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Түштүк Америка** | | |
| 15 | Географиялык абалы жана изилдөө тарыхы. Жаратылышы: рельефи, климаты, суулары, жаратылыш ресурстары. | 2 | 1 |
| | **Практикалык иш №12** | | |
| 16 | Жаратылыш зоналары (топурагы, өсүмдүгү, жаныбарлар дүйнөсү) | 2 | 1 |
| | **Практикалык иш №13** | | |
| 17 | Калкы жана саясий картасы. Адамдардын материктин жаратылышына тийгизген таасири. | 2 | |
| | **Түндүк Америка** | | |
| 18 | Географиялык абалы жана изилдөө тарыхы. Жаратылышы: рельефи, климаты, суулары, жаратылыш ресурстары. | 2 | 1 |
| | **Практикалык иш №14** | | |
| 19 | Жаратылыш зоналары (топурагы, өсүмдүгү, жаныбарлар дүйнөсү) | 2 | 1 |
| | **Практикалык иш №15** | | |
| 20 | Калкы жана саясий картасы. Адамдардын материктин жаратылышына тийгизген таасири. | 2 | |
| | **Антарктида** | | |
| 21 | Географиялык абалы жана изилдөө тарыхы. Жаратылышы: рельефи, климаты, суулары, жаратылыш ресурстары. | 2 | 1 |
| | **Практикалык иш №16** | | |
| 22 | Адамдын материктин жаратылышына тийгизген таасири | 1 | |
| | **Евразия** | | |
| 23 | Географиялык абалы жана изилдөө тарыхы. Жаратылышы: рельефи, климаты, суулары, жаратылыш ресурстары. | **2** | **2** |
| | **Практикалык иш №17, 18** | | |
| 24 | Жаратылыш зоналары (топурагы, өсүмдүгү, жаныбарлар дүйнөсү) | 4 | 2 |
| | **Практикалык иш №19, 20** | | |
| 25 | Калкы жана саясий картасы. Адамдардын материктин жаратылышына тийгизген таасири. | 2 | 1 |
| | **Практикалык иш №21** | | |
| | **III Бөлүм. Океандардын географиясы** | | |
| 26 | **Тынч океан:** географиялык абалы, жаратылышы, жаратылыш ресурстары жана аны чарбачылыкта пайдалануу | 1 | 1 |
| | **Практикалык иш №22** | | |
| 27 | **Атлантика:** географиялык абалы, жаратылышы, жаратылыш ресурстары жана аны чарбачылыкта пайдалануу | 1 | 1 |
| | **Практикалык иш №23** | | |
| 28 | **Инд:** географиялык абалы, жаратылышы, жаратылыш ресурстары жана аны чарбачылыкта пайдалануу | 1 | 1 |
| | **Практикалык иш №24** | | |
| 29 | **Түндүк муз:** географиялык абалы, жаратылышы, жаратылыш ресурстары жана аны чарбачылыкта пайдалануу | 1 | 1 |
| | **Практикалык иш №25** | | |
| | **Жалпы:** | **43** | **25** |

**VIII КЛАСС**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИЗИКАЛЫК ГЕОГРАФИЯСЫ.**

**(68саат, жумасына 2с.)**

| № | **Бөлүмдөр, темалар** | Саат | Прак. иш (саат) |
|---|---|---|---|
| **1** | **Киришүү.** Менин өлкөм - Кыргыз Республикасы. Кыргыз Республикасынын физикалык географиясы эмнени окуп үйрөтөт жана маалымат булактары | **1** | |
| | **1- бөлүм. Кыргыз Республикасынын географиялык абалы жана чек аралары** | | |
| **2** | Географиялык абалы, чек арасы жана анын жаратылышка тийгизген таасири | 1 | |
| | **Практикалык иш №1** | | 1 |
| 3 | Кыргыз Республикасынын жараталышын изилдөө тарыхы. Улуу Жибек жолу | 1 | |
| | **Практикалык иш №2** | | 1 |
| | **2 - бөлүм. Кыргыз Республикасынын жаратылышы** | | |
| 4 | Рельефи, геологиялык түзүлүшү жана кең байлыктары | 3 | |
| | **Практикалык иш №3** | | 1 |
| 5 | Климаты | 3 | |
| | **Практикалык иш №4** | | 1 |
| 6 | Суулары жана суу ресурстары | 4 | |
| | **Практикалык иш №5,6** | | 1 |
| 7 | Топурагы жана жер ресурстары | 3 | |
| | **Практикалык иш №7** | | 1 |
| 8 | Өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсү | 3 | |
| | **Практикалык иш №8** | | 1 |
| 9 | Бийиктик алкактуулук | 1 | |
| | **Практикалык иш №9** | | 1 |
| | **3 -бөлүм. Кыргыз Республикасынын физикалык географиялык аймактары** | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **10** | Кыргыз Республикасынын физикалык географиялык райондоштуруунун принциптери | **2** | |
| | **Практикалык иш №10** | | **1** |
| 11 | Кыргыз Республикасынын физикалык географиялык аймактарына мүнөздөмө. Түндүк Тянь-Шань | 14 | |
| | **Практикалык иш №11** | | 1 |
| 12 | **Ысык-Көл ойдуңу** | | |
| | **Практикалык иш №12** | | 1 |
| 13 | **Ички Тянь-Шань** | | |
| | **Практикалык иш №13** | | 1 |
| 14 | **Борбордук Тянь-Шань** | | |
| | **Практикалык иш №14** | | 1 |
| 15 | **Түштүк Батыш Тянь-Шань** | | |
| | **Практикалык иш №15** | | 1 |
| 16 | **Алай-Түркестан** | | |
| | **Практикалык иш №16** | | 1 |
| 17 | **Чоң-Алай** | | |
| | **Практикалык иш №17** | | 1 |
| | **4 - бөлүм. Кыргыз Республикасынын жаратылыш ресурстары жана алардын геоэкологиялык абалы** | | |
| ***12*** | Жаратылыш ресурстары жана аларды пайдалануу | **1** | |
| | **Практикалык иш №18** | | **1** |
| 13 | Кыргыз Республикасынын геоэкологиялык көйгөйлөрү | 2 | |
| | **Практикалык иш №19** | | 1 |
| **14** | Кыргыз Республикасында геоэкологиялык абалды башкаруу. | 2 | |
| | **Практикалык иш №20** | | 1 |
| 15 | Биологиялык ар түрдүүлүктү коргоо. Кыргыз Республикасынын өзгөчө корголгон жаратылыш аймактары. | 3 | |
| | **Практикалык иш №21** | | 1 |
| 16 | Өз аймагынын жаратылыш шарттары жана геоэкологиялык абалы. | 1 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Практикалык иш №22- 23** | | **2** |
| | **Жыйынтыгы:** | **45** | **23** |

**IX КЛАСС**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ГЕОГРАФИЯСЫ.**
**(34 саат, жумасына 1саат)**

| № | Бөлүмдөр, темалар | Саат | Прак. иш (саат) |
|---|---|---|---|
| **1** | **Киришүү.** Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык географиясы эмнени окутат? | 1 | |
| | **1-бөлүм. Кыргыз Республикасынын дүйнөдөгү орду** | | |
| 2 | Кыргыз Республикасы дүйнөнүн саясий картасында. | 1 | |
| 3 | Мамлекеттик түзүлүшү. Кыргыз Республикасынын административдик аймактык бөлүнүшү. | 1 | |
| | **2- бөлүм. Кыргыз Республикасынын калкынын географиясы.** | | |
| 4 | Калкы. Демографиялык процесстер | 1 | |
| 5 | Калктын курамы жана эмгек ресурстары | 1 | |
| 6 | Калктын жайгашышы | 1 | |
| 7 | Калктын миграциясы | 1 | |
| | **3- бөлүм. Кыргыз Республикасынын чарбасы** | | |
| 8 | Кыргыз Республикасынын чарбасына жалпы мүнөздүмө | 2 | |
| 9 | Өнөр жайы | 3 | |
| 10 | Айыл чарбасы | 1 | |
| 11 | Транспорт | 1 | |
| 12 | Тышкы экономикалык байланыштары | 1 | |
| 13 | Туризм жана тейлөө тармактары | 1 | |
| *14* | Кыргыз Республикасынын туруктуу экономикалык өнүгүү стратегиясы | 1 | |
| | **4-бөлүм. Кыргыз Республикасынын административдик аймактарына экономикалык жана социалдык мүнөздөмө.** | | |
| 15 | Бишкек | 1 | 1 |
| | **Практикалык иш №1** | | |
| 16 | Чүй областы | 1 | 1 |
| | **Практикалык иш №2** | | |
| 17 | Талас областы | 1 | 1 |
| | **Практикалык иш №3** | | |
| 18 | Ысык-Көл областы | 1 | 1 |
| | **Практикалык иш №4** | | |
| 19 | Нарын областы | 1 | 1 |
| | **Практикалык иш №5** | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 20 | Ош областы | 1 | 1 |
| | **Практикалык иш №6** | | |
| 21 | Жалал-Абад областы | 1 | 1 |
| | **Практикалык иш №7** | | |
| 22 | Баткен областы | 1 | 1 |
| | **Практикалык иш №8** | | |
| 23 | Өз жериңе экономикалык - географиялык мүнөздөмө | | 1 |
| | **Практикалык иш №9** | | |
| | **Бардыгы:** | **25** | **9** |

## ПРОГРАММАНЫН МАЗМУНУ

## VI КЛАСС

## ГЕОГРАФИЯ

### Киришүү

### Тема 1. География предметин окууга киришүү

**География илими жөнүндө түшүнүк.** География – Жердин жаратылышы, калкы жана чарбасы жөнүндөгү илим. Физикалык география. Экономикалык жана социалдык география. Байыркы убактардагы адамдардын Жердин формасы жана жаратылышы жөнүндөгү элестөөлөрү; Кыргыздардын Жер жөнүндөгү алгачкы көз караштары. Материктер менен океандардын ачылышы.

**Практикалык иш №1.** Саякатчылардын маршруттары жана географиялык ачылыштары тууралуу доклад даярдоо.

## I БӨЛҮМ. ГЕОГРАФИЯЛЫК МААЛЫМАТТЫН БУЛАКТАРЫ ЖАНА АЛАР МЕНЕН ИШТӨӨНҮН ЫКМАЛАРЫ

### Тема 2. План жана топографиялык карта

Горизонт жана анын жактарын аныктоо (орентирлөө ). Топографиялык карта. Жердин планы, анын масштабы жана шарттуу белгилери. Жердин планын түзүү. Жердин планын түзүүнүн ыкмалары: көз болжол менен, уюлдук, маршруттук съемкалар. Сүрөттө, аэрофотоснимкада, космостон тартылган сүрөттө жердин планында Жердин бетинин сүрөттөлүшү.

**Практикалык иш №2.** Мектептин жана өзүң жашаган жердин планын түшүрүү

### Тема 3. Географиялык карта жана глобус

Жердин формасы жана көлөмү. Глобус –Жердин үлгүсү. Географиялык карта жана алардын түрлөрү. Масштаб. Меридиандар. Параллелдер. Глобустагы жана карталардагы градустук тор. Географиялык кеңдик. Географиялык узундук. Географиялык координаталар. Физикалык карталарда жер бетинин сүрөттөлүш жолдору. Бийиктиктер менен тереңдиктердин шкаласы. Жердин пландары менен географиялык карталардын айырмачылыктары жана турмуштагы мааниси.

**Практикалык иш № 3.** Географиялык координаталар аркылуу географиялык объектилерди табуу.

## II БӨЛҮМ. ЖЕРДИН ТАБИЯТЫ ЖАНА КАБЫКТАРЫ

### Тема 4. Литосфера

Жер – Күн системасындагы планеталардын бири. Жердин ички түзүлүшү. Жер кыртышын түзгөн тектер. Магмалык тоо тектери. Чөкмө тоо тектери. Жер кыртышынын кыймылы. Вертикалдуу жай термелүү. Горизонталдык кыймыл. Негизги жер титирөөчү аймактар. Жанар тоолор. Ысык булактар, гейзерлер. Жанар тоолордун пайда болушу жана түзүлүшү. Жер бетинин рельефинин негизги формалары. Кургактыктагы тоолор. Кургактыктын түздүктөрү. Океан түбүндөгү тоолор. Океан түбүндөгү түздүктөр.

**Практикалык иш № 4.**Тоо тектердин мүнөздүү белгилерин сүрөттөп жазуу

**Практикалык иш № 5.** Карта боюнча тоолордун, түздүктөрдүн бийиктигин жана географиялык абалын аныктоо. Контур картага тоолорду, түздүктөрдү түшүрүү

**Практикалык иш № 6.** Төмөндөгү геономенклатураларды Евразия, Африка, Түндүк Америка, Түштүк Америка, Австралия, Антарктида материктерин, Тынч, Атлантика, Түндүк муз, Инд океандарын контур картага түшүрүү.

### Тема 5. Гидросфера

Гидросфера жөнүндө түшүнүк. Суунун дүйнөлүк айланышы. Дүйнөлүк океан. Дүйнөлүк океандын бөлүктөрү. Дүйнөлүк океандын суусунун касиети. Суулардын туздуулугу. Океандагы суулардын кыймылы. Шамалдуу толкундар. Цунамилер. Ташкындар жана тартылуулар. Океандагы агымдар. Океандагы өсүмдүктөр жана жаныбарлар. Кургактыктагы суулар. Дарыялар. Дарыялардын алабдары жана суу бөлгүчтөр. Көлдөр. Мөңгүлөр. Тоо жана каптама мөңгүлөр. Мөңгүлөрдүн мааниси.

**Практикалык иш №7.** “Мөңгүлөрдүн жана түбөлүк тоңдун табияттагы мааниси” темасында эссе жазуу

**Практикалык иш №8. Контур картага төмөндөгү объектилерди түшүрүү**: Арктика аралдары, Антарктида материгин, Гренландия аралын, Аляска жарым аралындагы Беринг мөңгүсүн, Евразиянын жана Түндүк Американын түндүгүндөгү тоо мөңгүлөрүн.

### Тема 6. Атмосфера

Атмосфера, анын түзүлүшү. Атмосфера – Жердин газ катмары. Атмосфералык басым. Абанын температурасы. Абанын температурасынын суткалык, жылдык өзгөрүшү. Айлык, көп жылдык орточо температуралар. Шамал. Шамалдын пайда болушунун себептери. Муссондор. Шамалдын мааниси. Суу буусу жана булут. Абадагы суу буулары. Суу буусуна каныккан жана каныкпаган аба. Булут. Атмосфералык жаан – чачындар. Жаан – чачындардын түрлөрү. Аба ырайы. Климат. Жер бетинде күндүн жарыгы менен жылуулугунун бөлүнүшү. Күн – жарык менен жылуулуктун булагы. Жыл бою Жер бетинин жарык болушу жана жылынышы. Уюл тегеректери. Тропиктер. Жарык кылуу алкактары. Жердин климатынын өзгөрүүсү. Жер шарындагы климаттын өзгөрүүсүнүн себептери жана жердин температурасынын жогорулашы. Өзүнүн жеринин климатынын өзгөчөлүктөрү.

**Практикалык иш № 9.** Абанын орточо суткалык температурасын аныктоо.

**Практикалык иш № 10.** Жердин бийиктигин жана шамалдын багытын аныктоо.

**Тема 7. Биосфера**

Биосфера –тиричилик чөйрөсү. Жер бетинде организмдердин таралышы жана алардын ар түрдүүлүгү. Организмдердин өз ара байланышы. Заттардын биосферада айланышы. Жердеги өсүмдүктөр менен жаныбарлардын бирдей эмес таралуусу. Адамдардын биосферага тийгизген таасири.

**Тема 8. Географиялык кабык**

Географиялык кабыктын түзүлүшү. Географиялык зоналдуулук мыйзамы.
Жаратылыш комплекси. Бийиктик алкактуулук.

**Практикалык иш №11-12 (экскурсия).** Өздөрү жашаган жердеги өсүмдүктөр менен жаныбарлардын жайгашуу себептерин аныктоо. Өздөрү жашаган жердин жаратылыш комплексинин бөлүктөрүн сүрөттөө.

**Тема 9. Табигый кырсыктар жана анын келип чыгуу себептери**

«Табигый кырсыктар» түшүнүгү. Табигый кырсыктардын түрлөрү: сел, жер көчкү, жер титирөө, таш көчкүлөрү ж.б. табигый кырсыктардын келип чыгуу себептери жана алардын мүнөздүү белгилери. Табигый кырсыктардын мезгилинде өзүн – өзү алып жүрүүнүн эрежелери. Жаратылышка экскурсия, жүрүштөргө чыгуу мезгилинде эрежелер жана аларды сактоо.

**Практикалык иш №13.** "Жер көчкү учурунда өзүн алып жүрүүнүн эрежелери" темасында доклад даярдоо

**Практикалык иш №14** "Жер титрөөдөн сактануунун эрежелери" боюнча презентация даярдоо

**Практикалык иш №15.** "Суунга чөгүп кетүүдөн" жана "Күнгө күйүп калбоодон сактануунун эрежелери" темасында ролдошкон оюн даярдоо

**III БӨЛҮМ**
**ӨЗҮНҮН ЖЕРИҢДИН ГЕОГРАФИЯСЫ**

**Тема 10. Өз жериңдин географиялык абалы**

**Тема 11. Өз жериңдин жаратылышы (климаты, рельефи, ички суулары, жаныбарлары, өсүмдүктөрү)**

Өз жериңдин географиялык абалы. Климаты. Ички суулары. Жаратылышы. Топурактары, алардын түстөрү боюнча түрлөрү. Жаратылыш компоненттеринин бири – бири менен байланыштуулугу.

**Практикалык иш № 16.** Өз жеринин топономикасы боюнча материалдарды чогултуу жана билдирүү жасоо

**Тема 12. Өз жериңдин табиятына адамдын тийгизген таасири**

Өзү жашаган жердин табиятына адамдардын ишмердүүлүктөрүнүн натыйжасында өзгөрүшү, абалы рельефинин, кен байлыктарын пайдалануунун, абасынын, суунун, топурагынын булганышы

**Практикалык иш №17-18.** Өз жериңдин аба ырайы тууралуу материал чогултуу жана талдоо

**Практикалык иш № 19-20.** Өз жериңдин суу ресурстары, күн энергиясын, топурак ресурстарын рационалдуу пайдалануу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу

**VII КЛАСС**
**МАТЕРИКТЕРДИН ЖАНА ОКЕАНДАРДЫН ГЕОГРАФИЯСЫ (68 с., жумасына 2 с.).**
**Киришүү**

**Тема 1. Материктердин жана океандардын географиясы курсунун максаты, милдеттери**.

Окуу китебинин түзүлүшү жана аны менен иштөөнүн ыкмалары

**Тема 2. Географиялык маалыматтардын булактары**

Материктердин жана океандардын карталары. Материктердин жана океандардын географиясын окуп – үйрөнүүгө пайдаланылуучу маалыматтардын булактары.

## I БӨЛҮМ. ЖЕРДИН ЖАРАТЫЛЫШЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Тема 3. Жердин жаралышы жана анын жаратылышынын алгачкы өнүгүшү (2 с.).**

Жердин пайда болушу жана анын жаратылыш шарттарынын калыптанышы. Литосфера жана анын жердин геологиялык өнүгүү тарыхы менен байланыштуулугу. Материктер менен океандардын пайда болушу тууралуу божомолдор (гипотезалар). Литосфералык плиталар. Жердин сейсмикалык алкактары. Жердин рельефинин негизги формалары, аларга ички жана тышкы күчтөрдүн таасири.

**Практикалык иш №1.** Контур карта менен иштөө. Контур картага негизги литосфералык питаларды жана сейсмикалык зоналарды түшүрүү.

**Тема 4. Жердин атмосферасы жана климаты**

Климаттын күн радиациясынын таралышына байланыштуулугу. Абанын температурасынын, атмосфералык басымдын жана жаан-чачындардын жер бетинде таралышы. Климаттык карталар. Аба массасынын типтери жана алардын кыймылы. Туруктуу шамалдар. Климаттык алкактар. Климаттын глобалдык өзгөрүүлөрү. Парник эффектиси. Адамдын климатка тийгизген таасири. Климаттын өзгөрүшүнүн адамдын ден-соолугуна тийгизген таасири.

**Практикалык иш №2.** Климаттык алкактарга түшүнүк берип, аларды контур картага түшүрүү.

**Тема 5. Дүйнөлүк океан**

Дүйнөлүк океандын суулары, алардын келип чыгышы. Океан суусунун температурасы жана анын терендик боюнча өзгөрүшү. Суу массалары жана алардын типтери. Океандагы суулардын кыймылы жана айланышы. Океандын сууларындагы муздардын таралышы. Дүйнөлүк океандагы тиричилик. Суунун айланышы жана кыймылынын натыйжасында Дүйнөлүк океандын атмосфера, материктер менен байланышы. Таза суу проблемасы. Дүйнөлүк океандагы экологиялык проблемалар жана аларды чечүүнүн жолдору.

**Практикалык иш № 3.** Контр картага жылуу жана муздак агымдарды түшүрүү жана алардын пайда болушун түшүндүрүү.

**Тема 6. Материк жана океандардын жаратылышынын ар түрдүүлүгү. Жаратылыш комплекстери.**

Жаратылыш комплекси. Кургактыктын жана океандардын жаратылыш комплекстери. Евразия материгинде жаратылыш комплекстеринин батыштан чыгышка, Африкада түндүктөн түштүккө, Атлантика океанында түндүктөн түштүктү карай өзгөрүшү.

**Практикалык иш №4.** Карта боюнча Евразияда жаратылыш комлекстерин 100 – меридиан, Түндүк Америкада 45 – параллель боюнча таралышын аныктоо.

**Тема 7. Географиялык зоналдуулук. Топурак жана өсүмдүк катмарынын бийиктик алкактуулугу.**

Жаратылыш зонасы. Жердин жаратылыш зоналарынын картасы. Бийиктик алкактуулук. Тоолордогу негизги бийиктик алкактары. Дүйнөлүк океандагы жаратылыш зоналары. Кендик зоналдуулук жана бийиктик алкактуулук.

**Практикалык иш №5.** Материктердин жаратылыш зоналарын контур картага түшүрүү.

**Тема 8. Жердин жаратылышынын азыркы мезгилдеги глобалдык проблемалары**

Климаттын өзгөрүшү. Таза аба жана таза суу проблемасы. Токойлордун кыйылышы. Чөлдөрдүн аянтынын өсүшү. Топурак катмарынын бузулушу жана булганышы. Өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсүн коргоо.

**Практикалык иш №6**. «Жердин жаратылышынын негизги глобалдык экологиялык проблемалары» деген темада презентация даярдоо.

## II БӨЛҮМ
## МАТЕРИКТЕРДИН ГЕОГРАФИЯСЫ
## АФРИКА

**Тема 9.** Географиялык абалы жана изилдөө тарыхы. Материктин көлөмү жана жээк тилкелери, жээктериндеги океандар жана дениздер жана алардын жаратылышка тийгизген таасири. Жаратылышы: рельефи, климаты, ички суулары, жаратылыш ресурстары.

**Практикалык иш № 7.** Контур карта менен иштөө. Контур картага материктин четки точкаларын, булуңдарды, кысыктарды, түздүктөрдү жана тоолорду, суулары менен көлдөрүн түшүрүү.

**Тема 10. Жаратылыш зоналары**

Экватордук токойлор, саванналар жана сейрек токойлор, тропиктик чөлдөр жана жарым чөлдөр. Материктеги ири жаратылыш аймактар. Коруктар, улуттук парктар.

**Практикалык иш №8.** Африканын жаратылыш зоналары жана өзгөчө корукка алынган аймактары жөнүндө айтып берүү.

**Тема 11. Калкы жана саясий картасы. Адамдын жаратылышка тийгизген таасири**

Материктин калкы. Калкынын бирдей эмес отурукташы: анын тарыхый жана табигый себептери. Калктын саны, жаштык курамы жана жыштыгы. Демографиялык абалы. Африканын саясий картасынын өзгөрүшү. Адамдын айлана- чөйрөгө тийгизген таасири.

**Практикалык иш №9.** "Африка материгинин айыл чарбасынын жаратылыштын кургакчылдыгынан, ташкындоолорунан көз карандылыгы" темасы боюнча доклад даярдоо жана талкулоо.

**Практикалык иш №10.** План боюнча Африканын бир өлкөсүн сүрөттөп жазуу (окуучунун тандоосу боюнча).

## АВСТРАЛИЯ ЖАНА ОКЕАНИЯ

**Тема 12. Географиялык абалы жана табияты**

Географиялык абалы. Материкти изилдөө тарыхы. Жаратылышы: рельеф, климат, ички суулары, жаратылыш байлыктары.

**Тема 13. Жаратылыш зоналары**

Жаратылыш зоналары:тропик токойлору, саванналар, чөлдөр жана жарым чөлдөр. Органикалык дүйнөсүнүн өзгөчөлүктөрү. Ири жаратылыш аймактары. Коруктар жана улуттук парктар.

**Практикалык иш №11.** Контур карта менен иштөө. Контур картага материктин четки точкаларын, аралдарды, жарым аралдарды, булуңдарды, тоолорду, түздүктөрдү, сууларды менен көлдөрдү түшүрүү.

**Тема 14. Калкы. Адамдын материктин жаратылышына тийгизген таасири**

Калкы жана анын отурукташы. Калкынын бирдей эмес отурукташы: анын тарыхый жана табигый себептери. Калктын саны, курамы жана жыштыгы. Демографиялык абалы. Адамдын айлана -чөйрөгө тийгизген таасири.

## ТҮШТҮК АМЕРИКА

**Тема 15. Географиялык абалы жана табияты.**

Географиялык абалы, өлчөмү жана жээк тилкелери. Түндүк Американын жээгиндеги океандар жана деңиздер. Материкти ачуу жана изилдөө тарыхы. Жаратылышы: рельефи, климаты, ички суулары жана жаратылыш ресурстары.

**Практикалык иш № 12** .Контур карта менен иштөө. Контур картага материктин четки точкаларын, булуңдарды, кысыктарды, түздүктөрдү жана тоолорду, суулары менен көлдөрүн түшүрүү.

**Тема 16. Жаратылыш зоналары**

Жаратылыш зоналары жана аларга мүнөздөмө берүү. Андыдагы бийиктик алкактуулук. Материктеги ири жаратылыш аймактар. Коруктар жана улуттук парктар.

**Практикалык иш № 13.** Контур картага жаратылыш зоналарын жана ири мамлекеттерди түшүрүү.

**Тема 17. Калкы жана саясий картасы. Адамдын материктин жаратылышына тийгизген таасири**

Материктин калкы. Калктын саны, курамы жана жыштыгы. Демографиялык абалы. Адамдын айлана- чөйрөгө тийгизген таасири.

## ТҮНДҮК АМЕРИКА

**Тема 18. Географиялык абалы. Табияты.**

Географиялык абалы, өлчөмү жана жээк тилкелери. Түндүк Американын жээгиндеги океандар жана деңиздер. Материкти ачуу жана изилдөө тарыхы. Жаратылышы: рельефи, климаты, ички суулары, жаратылыш ресурстары.

**Практикалык иш№ 14.** Контур карта менен иштөө. Контур картага материктин четки точкаларын, булуңдарды, кысыктарды, түздүктөрдү жана тоолорду, сууларын менен көлдөрүн түшүрүү.

**Тема 19. Жаратылыш зоналары**

Артикалык чөлдөр, тундра, токойлуу тундра, тайга, аралаш жана жазы жалбырактуу токойлор, талаа, чөл жана жарым чөл. Материктеги ири жаратылыш аймактар.

**Практикалык иш №15** .Контур карта менен иштөө. Контур картага жаратылыш зоналарын жана ири мамлекеттерди түшүрүү.

**Тема 20. Калкы жана саясий картасы. Адамдын материктин жаратылышына тийгизген таасири**

Материктин калкы. Калкынын бирдей эмес отурукташы: анын тарыхый жана табигый себептери. Калктын саны, курамы жана жыштыгы. Демографиялык абалы. Адамдын айлана чөйрөгө- тийгизген таасири.

## АНТАРКТИДА

**Тема 21. Географиялык абалы. Жаратылышы**

Антарктика жана Антарктида. Географиялык абалы, анын өлчөмү. Материктин ачылышы жана изилдөө тарыхы. Азыркы мезгилдеги изилдөөлөр. Географиялык абалынын жаратылышка тийгизген таасири. Жаратылышы: рельефи, климаты, мөңгүлөрү, өсүмдүгү жана жаныбарлар дүйнөсү. Жаратылыш байлыктары.

**Практикалык иш№ 16.** Материктин климаттык картасын анализдөө менен анын климаттык өзгөчөлүктөрүн аныктоо.

**Тема 22. Адамдын жаратылышка тийгизген таасири. Жаныбарлар дүйнөсүн коргоо**

Адамдын жаратылышка тийгизген таасири. Изилдөө станциялары. Жаныбарлар дүйнөсү жана аны коргоо.

## ЕВРАЗИЯ

**Тема 23. Географиялык абалы. Табияты**

Географиялык абалы, өлчөмү жана жээк тилкелери. Евразиянын жээктериндеги океандар жана деңиздер, алардын жаратылышка тийгизген таасири. Материкти ачуу жана изилдөө тарыхы. Жаратылышы: рельефи, климаты, ички суулары, жаратылыш ресурстары. Чарбалык иштердин натыйжасында жаратылышынын өзгөрүшү.

**Практикалык иштер № 17-18. .** Контур карта менен иштөө, деңиздерди, кысык, булуңдарды, арал, жарым аралдарды, рельефтин ири формаларын, дарыяларды жана көлдөрү түшүрүү.

**Тема 24. Жаратылыш зоналары**

Жаратылыш зоналарынын түндүктөн түштүктү , батыштан чыгышты көздөй өзгөрүшү жана анын себептери. Арктикалык, субарктикалык жана мелүүн алкактардын

жаратылыш зоналары (арктикалык чөл, тундра, токойлуу тундра,, тайга, аралаш, жазы жалбырактуу токойлору, токойлуу талаалар, талаалар, чөлдөр жана жарым чөлдөр).

Субтропиктердин жаратылыш зоналары (нымдуу субтропик токойлору, катуу жалбырактуу токойлор жана бадалдар, талаа, жарым чөл жана чөл)

Тропик, субэкватордук жана экватордук алкактардын жаратылыш зоналары (чөл, жарым чөл, саванна жана суюк токойлор, нымдуу жана экватордук нымдуу токойлор). Альпыдагы жана Гималайдагы бийиктик алкактуулук.

**Практикалык иш № 19.** «Евразиянын жаратылыш зоналарына мүнөздөмө» деген темада билдирүү жасоо.

**Практикалык иш № 20.** Контур карта менен иштөө. Контур картага Евразиянын жаратылыш зоналарын түшүрүү.

**Тема 25. Калкы жана саясий картасы. Адамдын материктин жаратылышына тийгизген таасири**

Материктин калкы. Калкынын бирдей эмес отурукташы: анын тарыхый жана табигый себептери. Калктын саны, жаштык курамы жана жыштыгы. Демографиялык абалы. Саясий картанын 2-чи Дүйнөлүк согуштан жана СССР урагандан кийин өзгөрүшү. Адамдын айлана өйрөгө тийгизген таасири.

**Практикалык иш № 21.** «Калктын саны, курамы жана жыштыгы. Демографиялык абал» деген темада билдирүү жасоо.

## 3-БӨЛҮМ. ОКЕАНДАРДЫН ГЕОГРАФИЯСЫ

**Тема 26. Тынч океан жана Океания**

Изилдөө тарыхы. Георафиялык абалы, океандын өлчөмү, терендиги, жээгинин түзүлүшү,, дениздер жана аралдар. Чункурлар жана түбүнүн рельефи. Жаратылышы. Климаты. Агымдар. Органикалык дүйнөсү. Жаратылыш ресурстары. Океандагы чарбалык иштердин түрлөрү. Океандын сууларын булгануудан коргоо.

**Практикалык иш №22.** Контур карта менен иштөө. Океандагы жылуу жана муздак агымдарды, туздуулугун, суусунун температурасын контур картага түшүрүү.

**Тема 27. Атлантика океаны**

Изилдөө тарыхы. Георафиялык абалы, океандын өлчөмү, терендиги, жээгинин түзүлүшү, дениздер жана аралдар. Чункурлар жана түбүнүн рельефи. Жаратылышы. Климаты. Агымдар. Органикалык дүйнөсү. Жаратылыш ресурстары. Океандагы чарбалык иштердин түрлөрү. Океандын сууларын булгануудан коргоо.

**Практикалык иш № 23. «**Атлантика океанындагы экологиялык проблемалар» деген темада доклад даярдоо.

**Тема 28. Инд океаны**

Изилдөө тарыхы. Георафиялык абалы, океандын өлчөмү, терендиги, жээгинин түзүлүшү, дениздер жана аралдар. Чункурлар жана түбүнүн рельефи. Жаратылышы. Климаты. Агымдар. Органикалык дүйнөсү. Жаратылыш ресурстары жана аларды чарбачылыкта пайдалануу. Океандагы чарбалык иштердин түрлөрү. Океандын сууларын булгануудан коргоо.

**Практикалык иш № 24.** Океандагы жылуу жана муздак агымдарды, туздуулугун, суусунун температурасын контур картага түшүрүү.

**Тема 29. Түндүк Муз океаны**

Изилдөө тарыхы. Георафиялык абалы, океандын өлчөмү,терендиги,жээгинин түзүлүшү, дениздер жана аралдар. Чункурлар жана түбүнүн рельефи. Жаратылышы. Климаты. Агымдар. Органикалык дүйнөсү. Жаратылыш ресурстары и их хозяйственное использование. Океандагы чарбалык иштердин түрлөрү. Океандын сууларын булгануудан коргоо. Муздардын аянтынын азайышынын себептери.

**Практикалык иш №25.** Океандагы жылуу жана муздак агымдарды, муздардын таралуу чек араларын контур картага түшүрүү.

**VIII КЛАСС**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИЗИКАЛЫК ГЕОГРАФИЯСЫ (68 СААТ, ЖУМАСЫНА 2С.)**

**Киришүү**

Кыргыз Республикасы – менин мекеним. Кыргыз Республикасынын физикалык географиясы эмнени окутат жана географиялык маалымат булактары.

**1- БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ГЕОГРАФИЯЛЫК АБАЛЫ ЖАНА ЧЕК АРАЛАРЫ**

**Тема 1. Географиялык абалы, чек арасы жана анын жаратылышка тийгизген таасири**

Кыргыз Республикасы дүйнөлүк картада. Аянты, эң четки точкалары, чек арасы, коңшулаш өлкөлөр. Дүйнөлүк саат алкагында Кыргыз Республикасынын орду. Саат алкагы жөнүндө түшүнүк.

**Практикалык иш №1.** Физикалык картанын жардамы менен Кыргыз Республикасынын четки точкаларын жана географиялык координаттарын аныктоо. Контур карта менен иштөө. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасын түшүрүү.

**Тема 2. Кыргыз Республикасын аймагын изилдөө тарыхы. Улуу Жибек жолу**

Байыркы убактагы, орто кылымдагы, Октябрь революциясына чейин, Советтик жана азыркы мезгилдеги негизги саякаттар жана изилдөөлөр. Улуу Жибек жолу жана анын Кыргыз Республикасын изилдөөгө тийгизген таасири.

**Практикалык иш №2.** Контур карта менен иштөө. Кыргыз Республикасынын аймагын изилдеген изилдөөчүлөрдүн, Улуу Жибек жолунун маршруттарын контурдук картага түшүрүү жана анализдөө

**2- БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАТЫЛЫШЫ**

**Тема 3. Рельефи, геологиялык түзүлүшү жана кең байлыктары**

Геологиялык түзүлүшү жана өнүгүү тарыхы. Тектоникасы. Геохронологиялык таблица. Орография. Рельефинин жалпы өзгөчөлүктөрү. Рельефинин негизги формалары. Кен байлыктары. Рельеф менен байланыштуу коркунучтуу табигый процесстер: жер көчкү, сел, жарлардын пайда болушу, эрозия, үбөлөнүү. Коркунучтуу кубулуштарды болтурбай коюу чаралары.

**Практикалык иш №3.** Контур карта менен иштөө. Контур картага негизги тоо кыркаларын алардын бийик чокуларын, өрөөндөрдү түшүрүү.

**Тема 4. Климаты**

Климатты аныктоочу факторлор. Күн радиациясынын таралышынын климатка тийгизен таасири .Аба массалары жана типтери. Атмосфералык циркуляция. Аба массаларынын циркуляциясы жана алар менен байланышкан аба ырайынын типтери. Атмосфералык фронттор. Климаттын негизги элементтерине мүнөздөмө: атмосфералык басым, шамал, температура, булуттуулук, жаан-чачын, кар катмары. Климаттын бийиктик алкактуулугу. КРнын агроклиматтык ресурстары. Коркунучтуу метеорологиялык кубулуштар: кургакчылык, ысык шамалдар, бороондор, туман, үшүк, тонголок. Абаны булгануудан коргоо.

**Практикалык иш №4.** Климаттык карталар менен иштөө. Картадан суммардык радиацияны, күн тийип турган убакыттын узактыгын, жылуу жана суук мезгилдеги абанын температурасын, жаан - чачындын өлчөмүн аныктоо.

**Тема 5. Суулары жана суур есурстары**

Негизги дарыя системалары жана дарыя алабдары. Дарыялардын куралышы жана суу режими. Мөңгүлөр жана алардын типтери, өлчөмдөрү, режими. Алардын түрлөрү жана өлкөнүн территориясы боюнча таралуусу. Көп жылдык тоңдор. Ири көлдөр жана аларга жалпы мүнөздөмө. Саздар. Жер астындагы суулар.

Чарбадагы суунун ролу. Суу ресурстарынын республиканын аймагы боюнча бирдей эмес таралышы. Сууну падалануу, анын сапатын жана көлөмүн сактап калуу. Суу менен

байланышкан коркунучтуу табигый кырсыктар: ташкындар, суунун кириши, көчкүлөр, селдер жана аларды алдын ала болтурбай коюу жолдору.

**Практикалык иш №5.** Тематикалык картанын жардамы менен бир дарыяга мүнөздөмө берүү; анын режимин, куралышын, жылдык агымынын өзгөчөлүгүн, дарыя нугунун энкейиштигин аныктоо жана чарбада пайдалануу жолдорун аныктоо.

**№6 - практикалык иш.** Контур карта менен иштөө. Контур картага ири дарыяларды, көлдөрдү, мөңгүлөрдү түшүрүү.

**Тема 6. Топурагы жана жер ресурстары**

Топуратын пайда болушу жана анын ар түрдүүлүгү. Негизги топурактын типтери., алардын түшүмдүүлүгү боюнча айырмачылыктары. Топурак катмарынын таралуу мыйзам ченемдүүлүктөрү. Кыргыз Республикасынын жерресурстары, аларды сарамжалдуу пайдалануу жолдору. Мелерация жана анын топурактын түшүмдүүлүгүн жогорулатуудагы ролу. Эрозия жана топурактын булганышы менен күрөшүү жолдору..

**№ 7 - практикалык иш.** Топурактын картасы менен иштөө. Негизги топурактын типтерине мүнөздөмө берүү.

**Тема 7. Өсүмдүктөр жана жаныбар дүйнөсү**

Республиканын өсүмдүк катмары, анын таралышынын негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү. Өсүмдүктөрдүн таралышынын бийиктик алкактуулугу. Кыргызстандын токойлору жана алардын геоэкологиялык абалдары.

Жаныбарлар дүйнөсү. Жаныбарлардын бийиктик алкактар боюнча таралышы. Жаныбарлардын сейрек жана жок болуп бара жаткан түрлөрү. Кыргыз Республикасынын кызыл китеби. Кыргыз Республикасынын өсүмдүк жана жаныбар дүйнөсүн коргоо.

**Практикалык иш№8.** Кыргыз Республикасынын Кызыл китеби менен иштөө. Кызыл китепке кирген өсүмдүк жана жаныбарладын таралуу ареалдарын аныктоо.

**Тема 8. Бийиктик алкактуулук**

Кыргыз Республиканын тоолуу рельефи - **б**ийиктик алкактуулуктун түзүлүшүнүн негизги фактору. Физикалык географиялык шарттардан көз каранды бийиктик алкактуулуктун аймак боюнча айырмачылыгы түзүлүү себептери. Негизги ландшафттын типтери жана аардын таралышы.

**Практикалык иш № 9.** Тематикалык карталарды пайдаланып, Кыргыз Ала - Тоо, Тескей Ала –Тоо, Ат-Башы , Фергана, Чаткал, Чоң Алай тоо кыркаларындагы бийиктик алкактуулуктун айрымачылыктарын аныктоо.

## 3-БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИЗИКАЛЫК ГЕОГРАФИЯЛЫК АЙМАКТАРЫ

**Тема 9. Кыргыз Республикасынын физикалык географиялык райондоштуруунун принциптери**

Кыргыз Республикасынын аймактарын физикалык-географиялык бирдиктерге бөлүү. Райондоштуруунун принциптери. Райондоштуруу боюнча авторлордун сунуштаган схемалары (С. Ө. Өмүрзаков, В.М.Чубахин ж.б.).

**Практикалык иш №10.** Атлас менен иштөө. Физикалык географиялык райондоштуруу картасы менен иштөө. Контур картага ири физикалык географиялык аймактарды түшүрүү Түндүк Тянь – Шань, Ысык –Көл өрөөнү, Ички Тянь – Шань, Борбордук Тянь – Шань, Түштүк- Батыш Тянь – Шань, Алай – Түркүстан, Чоң –Алай

**Тема 10. Кыргыз Республикасынын ири физикалыкгеографиялык аймактарына мүнөздөмө**

**Түндүк Тянь - Шань**

Жайгашкан орду жана табигый чеги. Жаратылышынын өзгөчөлүгү: геологиялык түзүлүшү жана рельефи, климаты, ички суулары, топурагы, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү. Бийиктик алкактуулуктун өзгөчөлүгү. Жаратылыш ресурстары жана аларды пайдалануу. Жаратылышты коргоо маселелери.

**Практикалык иш №11.** Атлас менен иштөө. Аймактын негизги дарыя бөлгүчтөрүн аныктоо. Суу жана топурак ресурстарына мүнөздөмө.

**Ысык-Көл ойдуңу**

Жайгашкан орду жана табигый чеги. Жаратылышынын өзгөчөлүгү: геологиялык түзүлүшү жана рельефи, климаты, ички суулары, топурагы, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү. Бийиктик алкактуулуктун өзгөчөлүгү. Рекреациялык ресурстары жана аларды пайдалануу. Жаратылышты коргоо маселелери. Ысык - Көлдү коргоо көйгөйлөрү.

**Практикалык иш №12.** « Ысык –Көл өрөөнүнүн рекреациялык ресурстары» деген темада презентация жасоо.

**Ички Тянь-Шань**

Жайгашкан орду жана табигый чеги. Жаратылышынын өзгөчөлүгү: геологиялык түзүлүшү жана рельефи, климаты, ички суулары, топурагы, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү. Бийиктик алкактуулуктун өзгөчөлүгү. Жаратылыш ресурстары жана аларды пайдалануу. Жаратылышты коргоо маселелери.

**Практикалык иш №13**: Контур карта менен иштөө. Чек араны аныктоо, тоолорду жана өрөөндөрдү контур картага түшүрүү.

**БорбордукТянь –Шань**

Жайгашкан орду жана табигый чеги. Жаратылышынын өзгөчөлүгү: геологиялык түзүлүшү жана рельефи, климаты, ички суулары, топурагы, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү. Бийиктик алкактуулуктун өзгөчөлүгү. Жаратылыш ресурстары жана аларды пайдалануу. Мөнгүлөрдүн азыркы учурдагы абалы.

**Практикалык иш №14**: «Кыргызстандын мөңгүлөрү жана алардын геоэкологиялык абалы» деген темада доклад жасоо.

**Түштүк- Батыш Тянь –Шань**

Жайгашкан орду жана табигый чеги. Жаратылышынын өзгөчөлүгү: геологиялык түзүлүшү жана рельефи, климаты, ички суулары, топурагы, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү. Бийиктик алкактуулуктун өзгөчөлүгү. Жаратылыш ресурстары жана аларды пайдалануу. Өзгөчө корукка алынган аймактар.

**Практикалык иш №15**: «Түштүк- Батыш Тянь –Шандын жаңгак – жемиш токойлорунун геоэкологиялык абалы»» деген темада билдирүү жасоо.

**Алай- Туркестан**

Жайгашкан орду жана табигый чеги. Жаратылышынын өзгөчөлүгү: геологиялык түзүлүшү жана рельефи, климаты, ички суулары, топурагы, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү. Бийиктик алкактуулуктун өзгөчөлүгү. Жаратылыш ресурстары жана аларды пайдалануу. Жаратылышты коргоо

**Практикалык иш №16**: Атлас жана контур карта менен иштөө. Арча токойлорунун таралуу чек араларын аныктоо жана алардын таралган аймагын контур картага түшүрүү.

**Чоң Алай**

Жайгашкан орду жана табигый чеги. Жаратылышынын өзгөчөлүгү: геологиялык түзүлүшү жана рельефи, климаты, ички суулары, топурагы, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү. Бийиктик алкактуулуктун өзгөчөлүгү. Жаратылыш ресурстары жана аларды пайдалануу. Жаратылышты коргоо

**Практикалык иш №17**: «Чон – Алай аймагынын жайыттарынын геоэкологиялык абалы» жана « Чон –Алай тоо кыркасынын мөңгүлөрү» деген темаларга баяндама даярдоо.

## 4 - БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ГЕОЭКОЛОГИЯЛЫК АБАЛЫ

**Тема 11. Жаратылыш ресурстары жана аларды пайдалануу**

Минералдык, агроклиматтык, суу, жер ресурстары жана промыселдик жаныбарлар

**Практикалык иш №18**: Контур карта менен иштөө. Кыргыз Республиканын минералдык ресурстарын контур картага түшүрүү.

**Тема 12. КыргызРеспубликасынын геоэкологиялык көйгөйлөрү**

Кыргыз Республикасында абанын, дарыя, көл жана жер астындагы суулардын геоэкологиялык абалы. Айдоо жерлердин, жайыттардын жана токойлордун азыркы учурдагы экологиялык абалы.

**Практикалык иш №19**: « Кумтөрдүн азыркы учурдагы экологиялык абалы»» деген темада баяндама даярдоо.

**Тема 13. Кыргыз Республикасында геоэкологиялык абалды башкаруу**

Кыргыз Республикасында геоэкологиялык абалды башкаруу үчүн пайдаланылуучу Нормативдик – укуктук документтер.

**Практикалык иш № 20.** «Сууну тазалоонун методдору» деген темада баяндама даярдоо.

**Тема 14. Кыргыз Республикасынын биологиялык ар түрдүүлүгүн коргоо**

Кыргыз Республикасынын биологиялык ар түрдүүлүгүнүн азыркы абалы, өзгөчө корголуучу аймактар: коруктар, корукчалар, токой чарбалары, резерваттар, улуттук жана жаратылыш парктары.

**Практикалык иш№ 21.** Контур карта менен иштөө. Коруктарды, корукчаларды, токой чарбаларын, резерваттарды, улуттук жана жаратылыш парктарын контур картага түшүрүү.

**Тема 15. Өзү жашаган жердин жаратылыш шарттарынын өзгөчөлүктөрү жана геоэкологиялык абалы**

Жайгашкан орду жана табигый чеги. Жаратылышынын өзгөчөлүгү: геологиялык түзүлүшү жана рельефи, климаты, ички суулары, топурак жана өсүмдүк катмары, жаныбар дүйнөсү. Бийиктик алкактуулуктун өзгөчөлүгү. Жаратылыш ресурстары жана аларды пайдалануу. Жаратылышты коргоо

**Практикалык иш № 22–23.** Өзү жашаган аймакка экускурсия жасоо. Өзү жашаган жердин геологиялык түзүлүшү жана рельефи, климаты, ички суулары, топурак жана өсүмдүк катмары, жаныбар дүйнөсүнө мүнүздүмө берүү. Жаратылыш ресурстарын пайдалануунун азыркы абалы.

## IX КЛАСС
## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАЛЫК, СОЦИАЛДЫК ЖАНА САЯСИЙ ГЕОГРАФИЯСЫ
## (34 СААТ, ЖУМАСЫНА 1 СААТ)

**Киришүү**

Экономикалык жана социалдык география предмети, жана анынс физикалык география жана башка илимдер менен байланышы. Коомдогу практикалык маселелерди чечүүдө географиянын ролу.

### 1- БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ДҮЙНӨДӨГҮ ОРДУ

**Тема 1. Кыргыз Республикасы дүйнөнүн саясий картасында**

Азыркы мезгилдеги дүйнөнүн саясий картасы жана Кыргыз Республикасынын орду. Дүйнөнүн саясий картасы СССР учурунда жана ал урагандан кийин . Саясий картадагы КРнын экономикалык географиялык, геосаясий абалы.

**Тема 2. Мамлекеттик түзүлүш. Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык бөлүнүшү**

Мамлекеттик түзүлүш. Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык бөлүнүшүнүн тарыхы жана азыркы абалы.

### 2 – БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КАЛКЫНЫН ГЕОГРАФИЯСЫ

**Тема 3. Калкы. . Демографиялык процесстер**

Калктын саны, табигый өсүш жана анын аймак боюнча айырмачылыгы. Калктын негизги көрсөткүчтөрү: жашоо узактыгы, төрөлүү, өлүм – житим, Калктын жашоо шарты. Мамлекеттин демографиялык саясаты.

**Тема 4. Калктын саны жана эмгек ресурстары**

Калктын улуттук составы. Калктын жыныстык курамы.өлкөдө жана аймактарда эркек жана аялдардын катышы. Балдардын, эмекке жарактуулардын жана пенсия жашындагы калк. Калктын иш менен камсыз болушу. Аймактарда калктын негизги кесиптери.

**Тема 5. Калктын жайгашуусу**

Мамлекеттин аймагы боюнча калктын отурукташышы. Калктын отурукташышынын тарыхы жана анын жыштыгынын географиялык айырмачылыгы. Шаар жана айыл калкы. Калктуу пункттардын типтери. Шаар калкынын өсүшү жана анын географиялык өзгөчөлүгү. Ири шаарлардын өлкөнүн экономикалык жана маданий өнүгүшүндөгү ролу. Калктын тыгыздыгы.

**Тема 6. Калктын миграциясы**

Миграциянын түрлөрү. Ички жана тышкы миграция. Миграциянын негизги багыттары. Калктын бир жерден башка жерге көчүшүнүн себептери.

**3 – БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧАРБАСЫ**

**Тема 7. Кыргыз Республикасынын чарбасына жалпы мүнөздөмөсү**

Чарба жөнүндө жалпы түшүнүк. « Чарбанын тармактары» деген түшүнүк. Өлкөнүн чарбасына жалпы мүнөздөмө. Чарбанын структурасы. СССР учурундагы чарбанын структурасы. Базар экономикасынын шартында чарбанын структурасынын өзгөрүшү.

**Тема 8. Өнөр жайы**

Өнөр жайдын негизги тармактарынын структурасы. Өнөр жайдын жайгашуу факторлору жана принциптери. Кыргыз Республикасынын өнөр жайынын структурасы. Отун жана энергетикалык өнөр жай, машина куруу жана түстүү металлургия, курулуш материалдарынын өнөр жайы, женил жана тамак – аш өнөр жайы. Өнөр жайдын өнүгүү келечеги.

**Тема 9. Айыл чарба**

Айыл чарба - өлкөнүн экономикасынын негизги тармагы. Интенсивдүү жана экстенсивдүү чарбанын өнүгүү жолдору. Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын өнүгүү тарыхы. Дыйканчылык жана мал чарбачылыгы жана алардын байланышы. Айыл чарбасынын жаратылыш шарттарынана көз каранды адистешүүсү. Дан жана техникалык өсүмдүк өстүрүү өнүккөн негизги аймактар. Шаар четиндеги айыл чарбанын өзгөчөлүгү. Мал чарбасынын негизги тармактары жана анын жайгашкан аймактары. Айыл чарбасынын өнүгүү келечеги.

**Тема 10. Транспорт**

Транспорттун географиясы. Транспорттун түрлөрүнүн өнүгүү тарыхы. Транспорттун түрлөрүнүн өнүгүшүнө тийгизген факторлор. Кыргыз Республикасынын транспортторунун түрлөрүнө мүнөздөмө. Негизги транспорттук магистралдар. Жүк ташуу жана анын негизги багыттары. Жүргүнчүлөрдү ташуу жана алардын негизги багыттары. Транспорттун түрлөрүнүн өнүгүү келечеги.

**Тема 11. Тышкы экономикалык байланыш**

Кыргыз Республикасынын тышкы экономикалык байланышынын географиясы. Көз карандысыздыкты алгандан кийин тышкы экономикалык байланыштын өнүгүшү. Кыргыз Республикасынын эл аралык чарбалык жана соода сатык, саясий байланыштары. Товарларды экспорттоо жана импорттоо. Өнөктөш мамлекеттер: КМШ өлкөлөрү, Батыш Европа, Азия, Америка ж.б..

**Тема 12. Тейлөө чөйрөсү жана туризм**

Кыргыз Республикасынын тейлөө чөйрөсүнүн географиясы. Тейлөө чөйрөсүнүн тармактары: финансалык тейлөө (банк-кредиттик тейлөө, камсыздоо бизнеси, биржа ж.б.); ишкедик жана профессионалдык тейлөө; дүн жана чекене соода сатык; тамак - аш; мейманкана бизнеси; калкты тиричилик-коммуналдык тейлөө; маданий тармактар жана массалык коммуникациялык; билим жана ден соолукту чыңдоо; рекреациялык тейлөө (туризм жана эс алуу менен бирге).

Рекреациялык комплекс, анын өнүгүү өзгөчөлүгү. Рекреациялык ресурстар. Рекреация жана туризмдин түрлөрүн классификациялоо. Кыргыз Республикасында туризмдин өнүгүү тарыхы. Туризмдин өнүгүшүнө тийгизген факторлор. Туризмди жайылтуу жана анын өнүгүү келечеги.

**Тема 13. Кыргыз Республикасынын туруктуу экономикалык өнүгүшүнүн стратегиясы.**

Мамлекеттин туруктуу экономикалык өнүгүүсүнүн негизги факторлору.Өнүгүү стратегиясы. Мамлекеттин өнүгүүнүн проблемалары жана өнүгүү жолдору.

**4-БӨЛҮМ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АДМИНИСТРАТИВДИК-АЙМАКТЫК РЕГИОНДОРУНА ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК МҮНӨЗДӨМӨ**

**Бишкек – Кыргыз Республикасынын борбору**

Бишкек- Кыргыз Республикасынын экономикалык, саясий жана маданий борбору. Бишкек шаарынын калыптануу тарыхы. Жаратылыш ресурстары, калктын географиясы, чарбаларынын адистешүүсү. Бишкек-эң ири илимий-өнөр жайлык жана транспорттук түйүн. Бишкектин өнүгүү перспективасы.

**Практикалык иш №1.** Реферат даярдоо. Тема «Бишкек- Кыргыз Республикасынын экономикалык, саясий жана маданий борбору".

**Чүй областы**

Географиялык абалы. Жаратылыш шарттары жана ресурстары. Калкы жана эмгек ресурстары. Чарбаларына мүнөздөмө. Чарбаларынын тармактары: өнөр жай жана айыл чарба. Тарнспорт. Туризм.

Облустун экономикалык туруктуу өнүгүү келечеги. Облустун экологиялык көйгөйлөрү жана аларды чечүүнүн жолдору.

**Практикалык иш № 2.** Контур карта менен иштөө. Контур картага областтын экономикасынын негизги тармактарын түшүрүү

**Талас областы.**

Географиялык абалы. Жаратылыш шарттары жана ресурстары. Калкы жана эмгек ресурстары. Чарбаларына мүнөздөмө. Чарбаларынын тармактары: айыл чарба жана өнөр жай. Транспорт. Туризм. Облустун экономикалык туруктуу өнүгүү келечеги. Жайыттардын жана айдоо жерлердин экологиялык абалы.

**Практикалык иш №3.** Областтын республиканын ичиндеги жана тышкы экономикалык байланыштардын схемасын түзүү

**Ысык-Көл областы.**

Географиялык абалы. Жаратылыш шарттары жана ресурстары. Калкы жана эмгек ресурстары. Чарбаларына мүнөздөмө. Чарбаларынын тармактары: айыл чарба жана өнөр жай. Транспорт. География жана туризмдин өнүгүү келечеги. Облустун туруктуу экономикалык өнүгүүсүнүн келечеги. Ысык-Көл көлүнүн экологиялык абалы.

**Практикалык иш №4.** Карта схемалар менен слайд презентация даярдоо. Темасы: «Областта туризмдин өнүгүшүн кантип жакшыртууга болот»

**Нарын областы**

Географиялык абалы. Жаратылыш шарттары жана ресурстары. Калкы жана эмгек ресурстары. Чарбаларына мүнөздөмө. Чарбаларынын тармактары: айыл чарба жана өнөр жай. Транспорт. Туризм. Облустун туруктуу экономикалык өнүгүүсүнүн келечеги. Жайыттардын экологиялык абалы жана аны чечүүнүн жолдору.

**Практикалык иш №5.** Реферат даярдоо. Темасы: «Областтын жайыттарын рационалдуу пайдалануунун жолдору»

**Ош областы**

Географиялык абалы. Жаратылыш шарттары жана ресурстары. Калкы жана эмгек ресурстары. Чарбаларына мүнөздөмө. Чарбаларынын тармактары: өнөр жай жана айыл чарба. Транспорт. Туризм. Облустун туруктуу экономикалык өнүгүүсүнүн келечеги. Табигый –кыйратуучу кубулуштар, алар менен күрөшүү.

**Практикалык иш №6.** Контур карта менен иштөө. Областтын экономикасынын негизги тармактарын контур картага түшүрүү

**Жалал-Абад областы**

Географиялык абалы. Жаратылыш шарттары жана ресурстары. Калкы жана эмгек ресурстары. Чарбаларына мүнөздөмө. Чарбаларынын тармактары: өнөр жай жана айыл чарба. Транспорт. Облустун экономикалык туруктуу өнүгүү келечеги. Жаңгак-мөмө жемиш токойлорунун экологиялык абалы, көйгөйлөрү жана аларды чечүүнүн жолдору.

**Практикалык иш №** 7. Фотоальбом даярдоо. Темасы: "Областтын жаратылышынын уникалдуу жерлери"

**Баткен областы**

Географиялык абалы. Жаратылыш шарттары жана ресурстары. Калкы жана эмгек ресурстары. Чарбаларына мүнөздөмө. Чарбаларынын тармактары: өнөр жай жана айыл чарба. Транспорт. Туризм. Облустун экономикалык туруктуу өнүгүү келечеги. Экологиялык көйгөйлөр жана аларды чечүүнун жолдору.

**Практикалык иш №8.** Дубал газета даярдоо. Темасы: "Баткен областы эмнеси менен даңкталат"

**Өз өлкөсүнө экономикалык-географиялык мүнөздөмө**

Географиялык абалы. Жаратылыш шарттары жана ресурстары, аларды чарбалык жактан баалоо. Калкы жана эмгек ресурстары. Чарбаларына мүнөздөмө. Чарбаларынын тармактары: өнөр жай жана айыл чарба. Транспорт. Туризм. Өзүнүн жеринин экологиялык көйгөйлөрү. Өнүгүү келечеги.

**Практикалык иш №9** Экскурсия. Өз жеринин жаратылыш ресурстары, чарбалары менен таанышуу жана маалымат даярдоо.

## ГЕОГРАФИЯ БОЮНЧА ОКУУЧУЛАРДЫН БИЛИМДЕРИНИН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИНИН КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАРЫ

### VI КЛАСС

- ✓ Мурунку жана азыркы географиялык изилдөөлөрдү салыштырат, негизги белгилерин бөлүп көрсөтөт;
- ✓ Берилген тема боюнча анализ берип, өзүнүн оюн оозеки же жазуу жүзүндө баяндоо ыкмасын тандайт;
- ✓ Берилген теманын натыйжаларын талдайт, күчтүү, чабал жактарын белгилеп, тыянак чыгарат, баа берет;
- ✓ Аныктамалар боюнча өз алдынча мисалдарды келтирет;
- ✓ Карта, контур карта иштөөнү үйрөнөт;
- ✓ Глобус, карта, тереңдиктердин жана бийиктиктердин шкаласын, градустук торчону, параллелдерди жана меридиандарды, жердин планын, шарттуу белгилерди, масштаб жана анын түрлөрүн, географиялык координаталарды, азимутту, кеңдикти, узундукту, абсолюттук жана салыштырмалуу бийиктиктерди айырмалайт, түшүндүрөт;
- ✓ географиялык координаталарды аныктоо боюнча тапшырмаларды аткарат; пландын, картанын сүрөттөлүштөрүн окуйт;
- ✓ план жана картанын айырмасын билип, аларга аныктама берүүгө кайсы булактар маанилүү экендигин, кайсы булактан эмнени табууга болоорун аныктайт;
- ✓ Аткарылган иштердин натыйжаларын талдайт, аткарылган иштердин маанисине баа берет;

- ✓ Географиялык кабыктарды, жаратылыш чөйрөлөрүн: литосфераны, гидросфераны, атмосфераны, биосфераны айырмалайт, түшүндүрөт; тоо тектердин пайда болушуна карата типтерге бөлүнүшүн аныктайт;
- ✓ карта боюнча тоолор менен түздүктөрдүн географиялык абалын жана бийиктиктерин аныктайт;
- ✓ жердин рельефинин формасынын профилинин графигин түзөт; карта жана контур карта менен иштей билет;
- ✓ өздөрүрү жашаган жердин сууларына, алардын режимине, агымына, суу алышына, деңгээлине байкоо жүргүзөт, анализдейт; аба ырайына, горизонттун үстүндөгү Күндүн бийиктигине, аба ырайынын өзгөрүшүнө жараша жаратылышка байкоо жүргүзөт, анализдейт;
- ✓ «атмосфера жана анын түзүлүшүн» окуп – үйрөнүүнүн планын түзөт; атмосфералык басымдын өзгөрүү себептерин изилдейт, анын аба ырайынын өзгөрүшүнө тийгизген таасирин аныктайт;
- ✓ өздөрү жашаган жердин «ай ичиндеги жаан – чачындардын бөлүнүшүнүн» диаграммасын түзөт;
- ✓ адамдардын чарбалык иштеринин жаратылышка тийгизген таасирлерин организмдердин жер катмарларына тийгизген таасирин аныктайт; өздөрү жашаган жердеги өсүмдүктөр менен жаныбарлардын жайгашуу себептерин аныктайт;
- ✓ жаратылыш комплексинин бөлүктөрүн сүрөттөйт; табигый кырсыктардын мезгилинде өзүн – өзү алып жүрүүнүн эрежелерин иштеп чыгат;
- ✓ Мамлекеттин материктен ээлеген ордун, ээлеп турган ордунун климатына, жаратылышына тийгизген таасирлерин аныктайт;
- ✓ картаны тематикасы боюнча окуй билет, карта, контур карта менен иштей билет;
- ✓ Адамдардын ишмердүүлүктөрүнүн натыйжасында жаратылышытын өзгөрүшүн, экологиясын жана көйгөйлөрүн аныктайт.

**VIIКЛАСС**

- ✓ Материктердин жана океандардын аймактарын мүнөздөө үчүн тематикалык карталардын мазмунун тандайт жана анализдейт;
- ✓ географиялык маалыматтардын ар кандай булактарын: саякаттардын күндөлүктөрүн, справочниктерди, аэрокосмостук сүрөттөлүштөрдү, географиялык карталарды айырмалайт жана колдонот;
- ✓ Жердин жаралышынын этаптарын, катталыштуу аймактарды жана платформаларды, жердин жаратылышынын өнүгүшүнүн негизги этаптарын айырмалайт, түшүндүрөт;
- ✓ Геологиялык түзүлүштөр менен рельефтин формаларын дал келтирет;
- ✓ карта, контур карта менен иштейт;
- ✓ жердин климатынын өзгөрүшүн жана анын адамдардын ден соолугуна, тамактануусуна, жашоо шарттарына тийгизген таасирлерин анализдейт;
- ✓ климаттык карталар боюнча климаттык алкактарга мүнөздөмө берет;

жердин климатынын глобалдуу жылуулануусуна байланышкан көйгөйлөрдү чечүүгө мүмкүн болгон жолдорду сунуш кылат жана анализдейт;

- ✓ жердин климатынын, рельефинин, жаратылыш зоналарынын калыптанышына дүйнөлүк океандын тийгизген таасиринин маанисин баалайт;
- ✓ жаратылыш ресурстарынын түрлөрүн: климаттык, суу, минералдык, өсүмдүктөр, жаныбарлар, топурак ресурстарын түшүндүрөт жана классификациялайт;
- ✓ географиялык процесстердин жана кубулуштардын себеп – байланыштарын бөлүп көрсөтөт;
- ✓ Материктердин четки чекиттеринин географиялык координаттарын аныктайт; карта боюнча географиялык абалдарынын климатына, жаратылышына, калкынын жайгашуусуна,

чарбасынын өнүгүшүнө тийгизген таасирлерин ачып көрсөтөт, материктерди бири – бири менен салыштырат;

- ✓ карта боюнча жаратылыш комплекстеринин түндүктөн түштүккө, тоонун этегинен чокусуна, океандардын жээгинен материктердин ичине карай алмашууларынын удаалаштыгын түшүндүрөт;
- ✓ атластын картасын пайдаланбай туруп, материктердин жана океандардын негизги объектилерин контур картага түшүрөт;
- ✓ жаратылыш комплекстериндеги жаратылыш компоненттеринин өз ара байланыштарын түшүндүрөт; материктердеги жана океандардагы жылуулуктун жана нымдуулуктун бөлүнүшүнүн, күн нурунун агымынын жана аба массаларынын кыймылынын себеп – байланыш көз карандылыгын ачып көрсөтөт;
  - ✓ материктердин жана океандардын жаратылышынын өзгөчөлүктөрүн аныктоо үчүн алардын жаратылыштарын салыштырат;
  - ✓ Адамдардын чарбачылык ишкердүүлүктөрү менен экологиялык көйгөйлөрдүн ортосундагы себеп – байланыштарды ачып көрсөтөт;
  - ✓ материктердин жана океандардын жаратылышынын мүнөздөмөсүн биологиялык түрдүүлүктөрдүн туруктуу өнүгүшүнүн көз карашында түзөт

## VIII КЛАСС

✓ Окуу материалдарын, окуу китебин, карталарды жана Кыргыз Республикасынын жаратылышынын өзгөчөлүктөрүн тактоо үчүн башка географиялык булактарды тандайт жана салыштырат;

✓ себеп – байланыштарды аныктоо үчүн географиялык процесстерди жана кубулуштарды баяндайт;

✓ Кыргызстандын аймагын изилдөө боюнча тарыхый – географиялык алгачкы булактарды («Манас» эпосундагы географиялык аталыштар, Ж.Баласагындын, Махмуд Кашгаринин изилдөөлөрү, П.П.Семенов Тянь – Шанскийдин, Федченконун, Н.Н.Пржевальскийдин географиялык изилдөөлөрү) үйрөнөт;

✓ Кыргызстандын физикалык – географиялык абалынын өлкөнүн климатына, жаратылышына экономикалык өнүгүүсүнө тийгизген таасирлерин ачып көрсөтөт; жер шарынын жана Кыргызстандын алкактык убакыттарын аныктайт;

✓ Кыргызстандын рельефинин формаларын жана алардын жайгашуу өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтөт;

✓ Байыркы муз каптоолордун азыркы рельефтин калыптанышына тийгизген таасирлерин аныктайт;

✓ кен байлыктардын жайгашуусу жердин тектоникалык түзүлүшүнө жана рельефке көз карандылыгын ачып көрсөтөт;

✓ рельефтин бир ири формасына план боюнча мүнөздөмө берет; Кыргызстандын экосистемасынын өзгөчөлүктөрүн, тоолуу экосистемалардын эл аралык маанисин, тоодогу биологиялык түрдүүлүктөрдүн маанисин, айыл чарба экосистемасын түшүндүрөт; тоолуу аймактардын көйгөйлөрүн жана аларды чечүүнүн жолдорун сунуштайт;

✓ Кыргызстандагы жаратылыш кырсыктары: жер титирөөлөр, көчкү, сел, таш көчкүлөр, суу ташкындоолорунан сактануунун эрежелерин иштеп чыгат;

✓ «Туруктуу өнүгүү» түшүнүгү жана анын негизги багыттарын, жаратылышты пайдалануунун туруктуу жана туруксуз моделдерин түшүндүрөт, ачып көрсөтөт;

✓ тоолорду жана тоолуу өрөөндөрдү контур картага түшүрөт; тоолордун тармактары боюнча схема, таблица түзөт;

✓ климаттык карта боюнча жердин климатын түзүүчү жана калыптандыруучу шарттарды аныктайт;

✓ Негизги метеорологиялык элементтерди бөлүп көрсөтөт; атмосфералык басымдардын шамалдардын пайда болушуна таасирин, циклондорду, антициклондорду түшүндүрөт;

- ✓ климаттын жана жаратылыштын калыптанышына рельефтин таасирин ачып көрсөтөт;
- ✓ климаттын бийиктик алкактуулук боюнча өзгөрүшүн жана аймактар боюнча жылуулуктун жана нымдуулуктун бөлүнүшүн түшүндүрөт;
- ✓ жылдын эң суук жана эң ысык айларынын орточо температурасын, жылдык, айлык, суткалык амплитудалардын орточо температураларын эсептейт, график түзөт;
- ✓ жаан – чачындардын санын, буулануучулук жана нымдануу коэффициентин эсептейт, график, диаграмма түзөт;
- ✓ мөңгүлөрдүн агын суулардын пайда болушуна таасирин, мөңгүлөрдүн таралышындагы жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрдү,мөңгүлөрдүн морфологиялык типтерин, мөңгүлөрдүн жаратылыштагы жана эл чарбасындагы маанисин түшүндүрөт, ачып көрсөтөт;
- ✓ план боюнча өздөрү жашаган жердин дарыясына төмөндөгүдөй план боюнча: географиялык абалына; агымынын мүнөзүнө; суу режимине; суу алышына; эл чарбасындагы маанисине мүнөздөмө берет;
- ✓ «Суу ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу» деген темада долбоор түзөт; республиканын аймагында болуучу суу кырсыктарынын алдын алуучу иш чара түзөт;
- ✓ тандоо боюнча бир жаратылыш зонасына айрым жаратылыш компоненттеринин ортосундагы байланыштарды көрсөтүү менен мүнөздөмө берет;
- ✓ топурактардын башкы типтерин жана алардын таралышынын мыйзам ченемдүүлүктөрүн, тоо топурактарынын өзгөчөлүктөрүн түшүндүрөт;
- ✓ такырлануу көйгөйүн жана аны менен күрөшүү чараларын иштеп чыгат;
- ✓ жер бетинин геологиялык өнүгүшү менен жаратылыштын өнүгүшүнүн байланыштуулугунун схемасын түзөт; «топурактардын пайда болушунун» схемасын түзөт;
- ✓ жаратылыш компоненттерин окуп – үйрөнүүнүн удаалаштыгынын себептерин ачып көрсөтөт;
- ✓ Кыргызстандын жаратылыштык – аймактык комплекстеринин географиялык абалдарын аныктайт;
- ✓ аларды анализдейт, баалайт; өз жеринин географиялык абалына, рельефине, климатына, ички сууларына, жаратылышына, ландшафттарына, топурактарына, экологиялык көйгөйлөрүнө мүнөздөмө түзөт; экологиялык көйгөлөрдү чечүүнүн жолдорун сунуштайт;
- ✓ Кыргызстандын жаратылышын коргоодогу стратегиялык багыттар жана аларды башкаруунун жолдорун түшүндүрөт; туризм жана эс алуу алкагында долбоор түзөт.

## IX КЛАСС

- ✓ 2020 – 2040 – жылдарга карата өлкөнүн экономикасынын өнүгүшүн жөнгө салган нормативдүү документтерди анализдейт;
- ✓ эмгекти географиялык бөлүштүрүүнү, адистешүүнү түшүндүрөт; Кыргыз Республикасынын мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу этаптарын ачып көрсөтөт;
- ✓ Кыргыз Республикасынын экономикалык – географиялык жана саясий – географиялык абалынын чарбасынын өнүгүшүнө тийгизген таасирин ачып берет;
- ✓ Калктын жыныстык, курактык, улуттук жана диндик курамдарынын пайыздык катышы боюнча диаграмма түзөт жана салыштырат;
- ✓ эмгекти географиялык бөлүштүрүүнүн схемасын түзөт; социалдык жактан тейлөө тармактарынын курамын жана маанисин, жайгашуу принциптерин түшүндүрөт;
- ✓ статистикалык маалыматтар менен өз алдынча иштейт жана аларга анализ берет;
- ✓ Эл чарбасынын түзүлүшүнүн схемасын түзөт; тармактардын комплекстерине план боюнча мүнөздөмө берет;
- ✓ жайгашуусу, казып алуу өзгөчөлүктөрү, шарттары, эл чарбасындагы мааниси, типтери, тармактардын өнүгүшүнүн экологиялык терс натыйжалары боюнча;

ресурстарды үнөмдөөнүн, сарамжалдуу пайдалануунун жолдорун иштеп чыгат, сунуштайт;

✓ областтардын экономикалык - географиялык абалынын, жаратылыштык – ресурстук потенциалдарынын чарбасынын өнүгүшүнө тийгизген таасирлерин аныктайт;

✓ эмгек ресурстарын жана жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануунун негизинде чарбаны рационалдуу уюштуруунун долбоорун түзөт; калктын жашоо деңгээлдерин, экономикалык – социалдык абалын жакшыртуунун чараларын, чечимдерин иштеп чыгат.

## ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

География боюнча Предметтик стандартта окуучулардын предметтик компетенцияларынын калыптандыруу деңгээлин баалоо *диагностикалык, формативдик (калыптандыруучу) жана суммативдик (жыйынтыктоочу)* баалоонун түрлөрүн айкалыштырып, пайдалануу аркылуу төмөндөгү үч деңгээлдин репродуктивдүү, продуктивдүү, чыгармачыл деңгээлдин негизинде жүргүзүү каралган. Репродуктивдүү 1-деңгээлде окуучулар окуу иш аракеттерин үлгүнүн, продуктивдүү 2-деңгээлде окуучулар окуу иш-аракеттерди тааныш эмес кырдаалда ал эми чыгармачылык 3-деңгээлде окуу иш аракеттерин өз алдынча аткарат.

Үч деңгээлди өздөштүрүү, эреже катары окуу процессинде проблемалуу кырдаалдарды түзүү менен жана ошол проблемаларды чечүүгө окуучуларды өз алдынча иштөөгө тартуу менен байланыштуу. Окуучулардын компетенттүүлүгүн деңгээлин аныктоодо төмөндөгү жалпы критерийлерди (белгилерди) эске алуу окуу процессинин сапатын жакшыртууга мүмкүнчүлүктөрдү түзөт:

✓ билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн колдонуу аймагын билет, географиялык билимдердин булактарынын (карта, атлас, окуу китебинин тексти ж.б.) өзгөчөлүктөрүн түшүнөт;

✓ аткарылуучу иш аракеттин мазмунун жана ырааттуулугун планын билет;

✓ иш аракеттерди практика жүзүндө тааныш жана тааныш эмес окуу кырдаалда колдоно алат.

Төмөндө ар бир класс боюнча баалоонун үлгүлөрүн сунуштайбыз:

*6- класс*

**Күтүлүүчү натыйжа:** Жаратылышты туруктуу пайдалануу көз карашынан Жердин геосфераларынын жалпы сыпаттамасын түзөт.

*Окуучулар бул натыйжага төмөнкү учурларда жетет:*

| Репродуктивдүү<br>I деңгээл | Продуктивдүү<br>II деңгээл | Чыгармачыл (креативдүү)<br>III деңгээл |
|---|---|---|
| Жердин геосфера-ларын атап жана түшүндүрүп берет | Жердин геосфераларын сыпаттоонун планын сунуштайт. | Географиялык маалымат булактарынын негизинде өз алдынча сыпаттайт, салыштырат жана корутундуларды чыгарат. |

7- класс

**Күтүлүүчү натыйжа:** Материктер менен океандардын жаратылышынын мүнөздөмөлөрүн биоартүрдүүлүктү Туруктуу өнүктүрүү көз карашынан түзөт. *Окуучулар бул натыйжага төмөнкү учурларда жетет:*

| Репродуктивдүү<br>I деңгээл | Продуктивдүү<br>II деңгээл | Чыгармачыл (креативдүү)<br>III деңгээл |
|---|---|---|
| Материктер менен океандардын жаратылышынын | Материктер менен океандардын жаратылышынын Туруктуу | Материктер менен океандардын Туруктуу өнүгүүсүнүн маселелерин |

| | | |
|---|---|---|
| компоненттерин санап берет. | өнүгүүсү деген эмне экенин түшүндүрүп берет. | чечүүнүн жолдорун өз алдынча сунуштайт |

8- класс

**Күтүлүүчү натыйжа:** Кыргызстандын жаратылыш-территориялык комплекстерин Туруктуу өнүгүүнүн көз карашынан сыпаттоого алат.

*Окуучулар бул натыйжага төмөнкү учурларда жетет:*

| Репродуктивдүү<br>I деңгээл | Продуктивдүү<br>II деңгээл | Чыгармачыл (креативдүү)<br>III деңгээл |
|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын жаратылышынын жана жаратылыш-территориялык комплекстеринин Туруктуу өнүгүүсүнүн маңызын түшүндүрөт | Кыргыз Республикасынын жаратылышынын жана жаратылыш-территориялык комп-лекстеринин Туруктуу өнүгүүсүнүн негизги багыттарын бөлүп көрсөтөт | Кыргыз Республикасынын жаратылыш-территориялык комплекстеринин жаратылышына өз алдынча баа берет жана корутундуларды чыгарат |

9- класс

**Күтүлүүчү натыйжа:** Кыргызстандын экологиялык проблемаларын чечүү боюнча иш-аракеттердин болжолдуу планын түзөт.

*Окуучулар бул натыйжага төмөнкү учурларда жетет:*

| Репродуктивдүү<br>I деңгээл | Продуктивдүү<br>II деңгээл | Чыгармачыл (креативдүү)<br>III деңгээл |
|---|---|---|
| Кыргыз Республика-сынын экологиялык проблемалары тууралуу маалыматтарды таап, жыйнайт. | Кыргыз Республи-касындагы эколо-гиялык кырдаалды талдого алат жана салыштырат. | Кыргыз Республикасындагы экологиялык кырдаалды чечүү жолдорун, өнүгүү перспективаларын өз алдынча сунуштайт |

*Диагностикалык баалоо окутуу процессинин бардык этаптарында окуучулардын алгачкы компетенттүүлүктөрдүн калыптануу деңгээлин аныктоо максатында колдонуу мүмкүн. Анын жыйынтыктарын мугалим өзүнүн китепчесинде жазып койсо болот.* Диагностикалык баалоонун максаты:

• окуп-үйрөнүүнүн жекелештирүү мамилесин камсыз кылуу;

• окуу процессинде окуучулардын жуптарда же топтордо иштөө ыкмаларын аныктоо;

• окуучулардын окуп жаткан темалар боюнча муктаждыктарын жана кызыгууларын аныктоо.

**Диагностикалык (аныктоочу) баалоо** – окуучунун компетенцияларынын калыптангандыгынын баштапкы деңгээлин аныктоо. Диагностикалык баалоо, адатта, окуу жылынын башында же теманы, бөлүмдү, главаны окуп-үйрөнүүнүн башталышындагы биринчи сабакта жүргүзүлөт.

*Диагностикалык баалоодо* төмөндөгүдөй методдор, каражаттар, ишмердүүлүктөр аткарылат:

| Методдору | Каражаттары | Ишмердүүлүктүн түрлөрү |
|---|---|---|
| Байкоо (мугалим окуучулардын иш аракетине байкоо салат). | Байкоо баракчалары (окутуунун күтүлүүчү натыйжалары берилген таблица) | Окуучулардын окуу ишине байкоо жүргүзүү, критерийдин негизинде күтүлүүчү натыйжаларды белгилөө |
| Маектешүү (оозеки суроо) | Маектешүүнүн класс, жеке же топ үчүн максаты жазылган барак | Интервью жүргүзүү |
| Тапшырмалар | Көнүгүүлөр | Практикалык |

| | | |
|---|---|---|
| | | тапшырмалардын аткаруусун баалоо |
| Ата-энелер, мугалимдер менен маектешүү | Суроо баракчалары (окуучулардын мектепте, үйдө ишмердүүлүктөрүн баалоого багытталган суроолор ) | Ата-энелердин жыйынында суроо-баракчасын толтуруу |
| | | |

**Формативдик (калыптандыруучу) баалоо** –окуучунун окуп-үйрөнүүсүнө максаттуу үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүү процесси. ***Формативдик баалоонун максаты*** –окуу процессинде мугалимдин жана окуучулардын ишмердигине түзөтүү киргизүү. Формативдик баалоо мугалимге окуучулардын окуп-үйрөнүү максаттарына карата илгерилөө процессинин алгачкы этаптарында көзөмөлдүк жүргүзүүгө мүмкүндүк түзүп, ага окуу процессине түзөтүүлөр киргизүүгө мүмкүндүк түзөт. Формативдик баалоодо адатта баа коюлбайт жана баалоонун критерийлеринин негизинде жүргүзүлүп, кайтарым байланыштын болушун талап кылат.

**Кайтарым байланыш – окуп-үйрөнүүнүн** максаттарына ийгиликтүү жетүүнү камсыз кылуучу конкреттүү иш аракеттер (окуу кырдаалдары, комментарийлер жана сунуштарды билдирүү). Кайтарым байланыш жазуу жана оозеки түрүндө болушу мүмкүн. **Жазуу жүзүндөгү кайтарым байланыш –** окуучуларга кыйла маанилүү жана түшүнүктүү болушу керек. Алар (окуучулар) өз иштерине карата мугалимдин комментарийин уга билип, анын айткан сунуштарын пайдалануу менен аларды жакшыртышы керек.

Мугалим кайтарым байланыш берип жатканда окуучунун дептерине пикирин жазат, ар түрдүү жылдызчаларды, түстөрдү колдонот. Мисалы, жашыл түс менен жакшы аткарылган иштерди белгилейт (жылдызчалар, ар кандай түстөгү пасталар же маркерлер менен ката кетирилген жерлерди белгилеп, дептердин четине ишти жакшыртуу үчүн конкреттүү кеңештерин, сунуштарын жазат). Иштерди кайрадан иштөөгө кайтарып берген учурда, мугалим окуучуларга кайтадан оңдолгон ишти тапшыруунун мөөнөтүн так аныктайт.

**Суммативдик (жыйынтыктоочу) баалоо -** теманы, бөлүмдү белгилүү мезгил ичинде окуп-үйрөнүүнү аяктоодо, компетенттүүлүктөрдүн калыптангандыгынын деңгээлин аныктоого багытталган. Суммативдик баалоо ар түрдүү текшерүү иштеринин түрлөрүн (тест, контролдук иш, лабораториялык иш, изилдөө иши, дил баян, эссе, долбоор, оозеки презентация ж.б.) аткаруунун натыйжалары боюнча жүргүзүлөт. Текшерүү иштерине коюлган баалар жыйынтыктоочу бааларды аныктоо үчүн негиз болуп саналат.

***Суммативдик баалоонун максаты*** - окуучулардын белгилүү мезгилдин аралыгында билимди өздөштүрүүнүн жана билгичтиктер менен компетенттүүлүктүн (камылгалуулуктун) калыптангандыгынын деңгээлин аныктоо жана алынган натыйжалардын стандарттын талаптарына шайкештигин аныктоо.

Окуучулар окуу ишмердигинин процессинде сапаттуу натыйжаларга жетишүүсү үчүн учурдагы баалоо төмөндөгүдөй болушу керек:

- Билим берүү процессинин бардык катышуучуларына түшүнүктүү;
- Ийкемдүү;
- Ченеп-өлчөөчү көп каражаттуу;
- Психологиялык жактан ыңгайлуу;
- Көп курамдуу.

Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоодо белги (баа) төмөндөгү критерийлердин негизинде коюлат:

**«5» белгиси (баа) коюлат. Эгер окуучу:**

1. Окуу программасынын материалынын маңызын, окулуп жаткан түшүнүктөрдү, кубулуштарды, теорияларды, мыйзам ченемдүүлүктөрдү , өз ара байланыштарды өз алдынча ачып көрсөтө алат;

2. Негизги жоболорду бөлүп көрсөтө алат жана аларды өз алдынча конкреттүү мисалдар жана фактылар менен тастыкай алат;
3.Өз алдынча жана аргументтүү талдоо, жалпылоо жана жыйынтыктоо чыгара алат;
4.Алган билимдерди тааныш эмес кырдаалда колдоно алат;
5. Окуу материалын так, байланыштуу, негиздүү, логикалык ырааттулукта жана катасыз айтып бере алат;
6.Негизги түшүнүктөрдү, мыйзамдарды, теорияларды так баяндап берет жана жеке өзүнүн бүтүмүн чыгарат;
7. Тажрыйбалардын жана байкоолордун жыйынтыктарын чыгаруу үчүн өз алдынча билим булактарын, көрсөтмө куралдарды, маалымдоо маалыматтарын, окуу китебин жана башка кошумча адабияттарды өз алдынча колдоно алат;
8. Чиймелер, сүрөттөр, приборлор менен өз алдынча иштей алат;
9. Географиялык картадан географиялык номенклатураны таба алат.

**"4" белгиси (баа) коюлат. Эгер окуучу:**

1. Окуу материалы тууралуу айтып берип жатканда кээ бир каталарды кетирет;
2. Түшүнүктөрдүн жана аныктамалдардын мазмунун ачып көрсөтүүдө толук эмес жооп айтат жана илимий терминдерди, жыйынтыктарды, бүтүмдөрдү чыгарууда кээ бир каталарды кетирет;
3. Окуу материалын логикалык ырааттуулукта айтып берет, бирок өз алдынча оңдой ала турган анча орой эмес бир ката кетирет.
4. Жообун конкреттүү мисалдар менен толуктайт.
5. Окуп жаткан окуу материалындагы негизги жоболорду өз алдынча бөлүп алат жана фактылардын, мисалдардын негизинде жалпылайт, бүтүм чыгарат;
6. Негизги географиялык өз ара байланыштардын маңызын ачып көрсөтөт;
7. Географиялык номенклатураны билет жана географиялык карта менен иштөөдө анча орой эмес каталарды кетирет.

**"3" белгиси (баа) коюлат. Эгер окуучу:**

1. Окуу материалынын мазмунун ачып көрсөтөт, окуу программасын андан ары өздөштүрүүгө тоскоол болбогон кээ бир каталарды кетирет;
2. Окуу материалын баш аламан, фрагмент менен жана кээ бир учурларда ырааттуулугу бузулуу менен берилет;
3. Жыйынтыктоодо, бүтүм чыгарууда аргументтүү жооп бере албайт жана кээ бир каталарды кетирет.
4. Илимий терминдерди, түшүнүктөрдү пайдаланууда каталарды жана так эмес маалыматтарды берет;
5. Жалпылоолордо жана жыйынтыктоодо байкоолордун же тажрыйбалардын натыйжаларын колдоно албайт, каталарды кетирет;
6. Теориялардын жана мыйзамдардын негизинде кубулуштарды түшүндүрүүдө кыйналат;
7. Окуу китебинин текстин айтып бере алат, бирок текстин мазмунун толугу менен түшүнбөйт одоно бир-эки ката кетирет.
8. Географиялык карта менен иштөө көндүмү жок жана географиялык номенклатураны начар билет.

**"2" белгиси (баа) коюлат. Эгер окуучу:**

1. Окуу материалынын негизги мазмунун ачып бере албайт
2. Жалпылап, бүтүм чыгара албайт.
3. Окуу материалынын көпчүлүк бөлүгүн билбейт жана түшүнбөйт;
4.Белгилүү үлгүнүн негизинде суроолорду жана тапшырмаларды аткара албайт;
5. Бир суроого жооп берип жатканда мугалимдин жардамы менен оңдоого мүмкүн болбогон одоно каталарды кетирет.
6. Географиялык карталарды пайдаланууда одоно каталарды кетирет.

7. Географиялык номенклатураны билбейт.

**"1" белгиси (баа) коюлат. Эгер окуучу:**

1. Берилген суролорго жооп бере албайт;
2. Окуу материалын толугу менен билбейт.

**Практикалык жана өз алдынча иштерди баалоо**

**«5» белгиси (баа)**

1. Практикалык жана өз алдынча иштер толугу менен өз алдынча аткарылган (зарыл болгон адабияттарды иргеп алуу, ишти аткаруунун кадамдары ж.б.).
2. Иш таза аткарылган (презентабелдүү).

**«4» белгиси (баа)**

1. Практикалык жана өз алдынча иштер толугу менен өз алдынча аткарылган .
2. Ишти аткаруунун сунушталган кадамдарында жана ишти жасалгоолодо алынуучу натыйжалардын тууралыгын таасир бербеген одоно эмес каталар кетет.

**«3» белгиси (баа)**

1. Практикалык иш жана аны жасалгалоо мугалимдин жардамы менен аткарылган.
2. Иш толугу менен аткарылбагандыктан кошумча окуу убактысын талап кылат же аны аткаруу үчүн үйдөн аткарып келүүгө тапшырма берилет.
3. Географиялык приборлор, статистикалык маалыматтар жана картанын атласы менен иштегнде кыйналат.

**«2» белгиси (баа)**

1. Практикалык же өз алдынча ишти аткарууга даяр эмес.
2. Аткарылган иштин жыйынтыктарынын негизинде туура бүтүмдөрдү чыгарууга мүмкүндүк бербейт жана алдыга коюлган окуу максаттары менен дал келбейт.

**Контур картаны баалоо.**

**«5» белгиси (баа)**

1. Контур карта таза жана туура толтурулган.
2. Географиялык объектилердин жайгашкан орду туура көрсөтүлгөн.
3. Контур карта текшерүүгө өз убагында берилген.

**«4» белгиси (баа)**

1. Контур карта таза жана туура толтурулган.
2. Географиялык объектилердин жайгашкан ордун көрсөтүүдө 2-3 одоно эмес ката көрсөтүлгөн.

**«3» белгиси (баа)**

1.Контур картада кээ бир одоно каталар бар, бирок географиялык объектилердин алган орду туура берилген.

**«2» белгиси (баа)**

1.Контур карта туура эмес толтурулган

2. Аткарылган эмес.

## СУНУШТАЛУУЧУ АДАБИЯТТАР

**“Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин**

**МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ**


1. Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин Мамалекеттик билим берүү стандарты ( Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин Мамалекеттик билим берүү стандарты бекитүү оңундө 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому)
2. Кыргыз Республикасында жалпы мектептик географиялык билим берүүнүн Предметтик стандарты (Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2015-жылдын 8-октябрындагы №1247/1 буйругу)
3. Джунушалиева К.К. Изучение географии Кыргызской Республики в школе (8-9 классы), Бишкек , 2012

4. Джунушалиева К.К. Мектепте Кыргыз Республикасынын географиясын окутуу (8-9-класс), Бишкек, 2012
5. Ветошкин Д.А. ж. б. Учимся жить рядом с опасностью. Мугалимдер үчүн методикалык курал. Бишкек, 2009
6. Оценивание достижений учащихся. Мугалимдер үчүн окуу куралы - Б.: «Maxprint», 2011.
7. Подласый И.П. Педагогика. Окуу китеби. - М..: Юрайт, 2010